А. АКМАТАЛИЕВ

# КЫРГЫЗДЫН КОЛ ӨНӨРЧҮЛӨРҮ

74
А 40

АМАНТУР АКМАТАЛИЕВ

# КЫРГЫЗДЫН КОЛ ӨНӨРЧҮЛӨРҮ

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 165002

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1975.

74
А 40

Акматалиев Амантур.
А 40 Кыргыздын кол өнөрчүлөрү. Ф., «Кыргызстан», 1975 ©
80 бет.
Кыргыздын кол өнөрчүлүгү илгертен эле өнүгүп, атадан балага салт катары өтүп келгендиги белгилүү. Автор бул эмгегинде кол өнөрчүлүктү бүгүнкү күндө да өнүктүрүп, улуттук искусствону бүткүл элге таанытқан зергерлер, уздар жөнүндө токтолот.
Эмгек улуттук искусствону сүйүүчүлөргө жана жалпы эле окуучуларга арналат.
74

А $\frac{813-181}{\text{М } 451\ (17)-75}$ 251—75

© Издательство «Кыргызстан», 1975 г.

# КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК ТУУРАЛУ СӨЗ

Кыргыздын көркөм прикладдык искусствосунун өсүшүнүн өзүнчө тарыхы бар. Улуттук искусствонун бул түрү ар кандай доорлорду басып өтүп, эл арасынан укмуштай зергерлерди, кол өнөрчүлөрдү өстүрүп, атагын алыска таратты. Ал зергерлердин, уздардын жөпжөнөкөй колдорунан таң каларлык буюмдар жасалып, өз өнөрлөрүн колдон-колго, муундан-муунга өткөрүп, бара-бара жасаган адамдын аты да унутулуп калган. Ошентип, эл ичиндеги зергерлердин, уздардын тирмие тиктеп, ички кудуретин, учкул кыялын, көз майын, чеберчилигин арнаган асыл буюмдар кылымдан-кылымга, колдон-колго өтүп, калың элдин кастарлоосуна татыган.

Азыркы күндө кыргыздын көркөм прикладдык искусствосу кайра жанданып, кол өнөрчүлүк айыл арасында болсун, борборубузда болсун кеңири өркүндөп-өсүп жатат. Элдик кол өнөрчүлүккө партия менен өкмөтүбүз аталык камкордуктарды көрүп, атайын токтом кабыл алганын эскерте кетсек жетиштүү.

Алсак, 1965-жылдын 26-октябрында чыккан «Кыргыз ССРинин элдик прикладдык искусствосун жана көркөм кол өнөрчүлүктү мындан ары өнүктүрүүнүн чаралары жөнүндөгү» Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому айкын мисал боло алат.

Азыр Жергиликтүү өнөр жай Министерствосунда көркөм кол өнөрчүлөрдүн элдик бирикмелери ачылып, ал эки багытта өнүгүп жатат. Мындай саамалыкты кубаттоо гана керек. Себеби прикладдык искусствонун өткөндөгүсү менен азыркы өнүгүшүн ачык-айкын түшүнүүгө жардам берет. Ошону менен бирге тектеш жашаган элдердин маданияты, искусствосу советтик доордун шарапаты менен алардын өз ара карым-катнашын сезүүгө көмөктөш болот.

1973-жылы июнда элдик кол өнөрчүлүктү жакшыртууга карата Бүткүл союздук координациялык Совет күнөстүү Кыргызстандын борборунда өттү. Координациялык Совет элдик прикладдык искусствону жаратуучуларды камкордукка алып, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү, чыгармачылык талдоолорго алуу жана аларды азыркы мезгилдин техникалык ыңгайы менен байланыштырууну талап кылган маселелери кеңири каралды.

Фрунзе шаарындагы «КЫЯЛ», Ош шаарындагы көркөм кол өнөрчүлүктүн бирикмелери, булардын Өзгөндөгү жана Кадамжайдагы филиалдарында буюмдардын жүздөн ашуун түрлөрү жасалып, Индия, Турция, Чехословакия, Франция, Англия, Канада жана башка 18 мамлекетке экспорттолууда. Андай экспорттолгон товарлардын арасында ак калпактын үч түрү, элик сап камчы, «Манас» шахматы, өрүк, эмен жана жаңгак жыгачтарынан жасалган кооз идишаяктар кездешет. Бул улуттук сувенирлерге жергебиздин ажайып

сулуулугу айкалышып, байыркы доордон бери муундан-муунга келе жаткан оюм-чийимдерден асемдүү кыял нускалары, үлгүлөрү көрүнүп турат. Кыргыздын «Кыял» бирикмесинин улуттук жыйырма беш түрдөгү буюмдары төгөрөктүн төрт бурчунан келген залкар сынчылардын, адистердин, изилдөөчү-илимпоздордун көз элегинен таасын өтүп, өз баасын алды. Бүгүн борборубуздагы «Белек» жана шаарлар менен айыл-кыштактардагы магазиндерден, улуттук өзгөчөлүктөрдү чагылдырган мыкты буюмдар сатууда турганын көрөбүз.

1973-жылы мартта Кыргыз ССРинин жергиликтүү өнөр жай Министерствосунун алдында Борбордук көркөм эксперимент лабораториясы уюшулду. Лабораториянын максаты айыл арасына экспедиция уюштуруп, элдик кол өнөрчүлөрдү иликтеп, зергерлердин, уздардын колунан жаралган кооз буюмардын үлгүлөрүн жыйноо эле. Анан ал буюмдарды Министерствонун көркөм советинин кароосуна коюп, сыноодон өткөндөрүн өндүрүш ишканаларына сунуш этүү. Азыр лабораторияда жыгачтан, кездемеден, териден, чоподон, темирден, айнектен таш жана пластмасса боюнча сүрөтчүлөр эмгектенип жатышат. Алардын ар кандай түрдөгү эскиз эталондору азыркы үйлөрдү жаңыча жарашыктуу жасалгалоого, белек катары тартуулоого ылайыкталган. Азыр лабораториянын иши кечээкиден бүгүн түзүк, бара-бара мунун тармагы мыкты сүрөтчүлөрүбүз аркылуу кеңеймекчи. Мисалы, Яков Яковлевич Веделдин «Кыз куумай», «Бүркүтчү», «Чабандын уулу», «Бороондо», «Келечектин жигиттери», Ирима Рейнттенбахтын туш кийизи, чийге түшүрүлгөн СССР Сүрөтчүлөр Союзунун мүчөсү Шакен Мамбетаипованын «кыял чабыттары» өңдүү сериялык эталон-үлгүлөрү массалык тираж менен чыгарылууда.

Көркөм лаборатория Кыргыз ССРинин жана Компартиясынын жарым кылымдык юбилейине карата зор даярдыктарды көрүүдө. Кыргыз ССР Министрлер Советинин атайын тапшырмасы аркылуу республиканын гербин жана желегин чий менен жыгачка берүү ийгиликтүү аткарылып, көрүүчүлөр тарабынан жогорку баага татыды. Ошондой эле сүрөтчү Я. Ведель ортосунда СССРдин, айланасында союздук республикалардын гербин инкрстациялоонун үстүндө иштеп жатат. Бир кезде боз үйдүн кооздугу үчүн гана чырмак зарыл болсо, азыр чий боюнча лабораториянын эксперименти мыкты натыйжаларды берди. Ошондой эле теричилик жана чопочулук боюнча жүргүзгөн эксперименттер да оңунан чыгууда...

Шырдак шыруу, туш кийиз саюунун түйшүгү арзанга турбайт. Ошондуктан мындай өндүрүшкө азыркы механизмди колдонуунун артыкчылыгы бар. Муну эксперименттен өткөрүүгө карата лабораториянын аракети зор. Эксперимент лабораториясы бара-бара калыптанышы ыктымал.

Элдик кол өнөрчүлүктүн тамыры терең, тармактары арбын. Колуңуздардагы бул чакан китепте аларды түгөл көрсөтүү кыйын. Китеп кыргызча саамалык катары жарык көрүп жаткандыктан прикладдык искусствону изилдөө-иликтөөдө айрым кемчиликтердин болушу мүмкүн. Ошондуктан өз ой-пикириңиздерди «Кыргызстан» басмасынын адресине жазып жиберүүңүздөрдү өтүнөбүз.

# ЗЕРГЕРЛЕР

Чоң Нарындын башы эки айрыкка бөлүнөт. Ал эки куйма Эки-Нарын деген жерден биригет. Башын Кара-Каман, Балгарттын суусу деп аташат. Айтылуу Калмак-Ашууну бойлоп аккан суунун таш кулаткан шары бар. Арчалуу, Жылаңачты арытып жүрүп отуруп аркы өйүздөгү Оорук-Тамга бул дарыяны кечпей өтө албайсың. Коомдук төрт түлүк малдар бири—миңге, миңи—түмөнгө жеткен чакта, тиги айтылган өрүштүү жерлерди жайытка пайдалануу зарыл болгон. Ары-бери өтүүдө суунун жаасынан үрөйү учкан журтчулук, бир балбан көпүрө салууну канча жыл эңсешет. Азыр ошол көпүрөдөгү ташка чегилген «Капар Канташов, 1941-жыл» деген жазууну окуйсуз. Бул кийинки муундарга эң баалуу мурас катары болуп калды.

Капар деген атты укканда зергерчиликти, темирчиликти, теричиликти, жыгаччылык өнөрдү бүт өздөштүрүп билген, алтын колдуу адам көз алдыга тартылат. Комуздун тепкегиндей чакан, чокчо сакал, баскан-турганы сыпаа, түйшүкчүл, санжыраны мыктап чечкен, оозунда сөзү, колунда өнөрү бар, айыл ичиндеги барктуу да, нарктуу да карыялардын бири Капакеме биздин жүздөшүбүз ойдогудай чыкты. 76 жаштагы эски большевик азыр да алдан-күчтөн тая элек экен.

Капар карыянын өнөр тарыхына көз чаптырсак ата жолун улаган, колунан көөрү төгүлгөн уста экен. Карыянын чоң атасы Оттукташ өз мезгилинде оң менен солго даңкы чыккан уста болот. Андан Саңташ, Канташ, Балташ, Санташ, Күлташ, Миңташ жана Шамшидин деген жети уул төрөлөт. Эл-журтка жетөөнүн өнөрү жети башка бааланат. Биринин өнөрүн бири толуктаган жети уул, адамзаттын колунан эмне жасалууга тийиш болсо, ошону жалтанбай үйрөнүшкөн. Оттукташ өз доорундагы бир атактуу сынчынын алдынан жети уулун өткөргөндө, ал акылман-сынчы: «Бири ала, бири кула болбой, жетөө тең биринен-бири ашкан уста болот», — деп айткан имиш.

Саңташ Оттукташтын эң улуу баласы болот. Анын өнөрү бүт Чүй өрөөнүнө жана башка жерлерге чейин таанылат. Азыркы күндө да айыл аралап, кол өнөрчүлүк туурасында иликтегенде, Саңташ зергердин даңазасы айтылбай койбойт. Анын жасаган асыл буюмдарын Ат-Башы, Нарын тараптан көрүп келсек, кийин Ысык-Көл тараптан да учураттык. Алсак, Жети-Өгүз районундагы Покровка селосундагы жашочу Ысагалиева Чүйтү дегенге атайын жолуктук. Атасы Саңташты атайын чакыртып, өзүнөн улуу эжесине сеп камдатканын айтат. Ал асыл буюмдар өңү түсү кир чалбай, кийин Чүйтүгө өтөт. Биз, Чүйтү энеден чегеленген топчуларды, сөйкөлөрдү, көз мончоктолуп, күмүш чачыланган күбөктөрдү көрдүк. Чопонун күбөгүнө



Зергер К. Канташев.

тегерете акак таштап, шуру менен тогуздайт. Анын баяндоосуна караганда биз сүрөткө түшүргөн, «сыры кетсе да сыны кетпеген» баалуу буюмдар, өзү төрөлө электе эле бар экен. Саңташтын колунан чыккан дагы бир сөйкөнү (сырга), Чүйтү эне Тоң районундагы Орто-Арык айылында туруучу сиңдиси Рапияга белекке берет. Калган алты баласы да ата кесибин улантып зергерчилик кылат.

Капардын атасы Канташ өлгөндө баласы жаш болот. Санташтын, Балташтын, Шамшидиндердин колунда жүрүп тарбияланат. Жаш Капарга көбүнчө Балташтын таасири зор болот. Балташ ошол тапта жалаң күмүш чабат. Ал кемер курларга, ат жабдыктарына, кыз септерине, кылыч жассого бут өнөрүн жумшаган. Бул суктанткан буюмдар качан, кимдер тарабынан атайын жасаткандыгын, же кимдерге тартуулаганын тактоого аракеттендик. Айрымдарын сүрөткө тартып алдык.

Зергер. А. Рахматуллаев.



Капар карыя өзүнүн өнөрү туурасында мындайча эскерет: «Бала чагым кой-эчки кайтаруу менен өттү. Мал жайып жүрүп, маки, бычак, жана башка бирдемелерди жасоого үйрөндүм. Мунумду Балташ менен Шамшидин көрүп, далыга таптап коюшат. «Тапка киреримe» толук көздөрү жеткенден кийин, назарын таштап, өз жандарына имеришти. Ошол тапта Ат-Башынын Ак-Жар кыштагынан Чоюбектин уулу Абдырай деген адам Саңташ менен Балташка келип, баса отуруп, деле көп буюмду узанып берүүгө чакырды. Саңташ анда карыбыраак калган кези. Балташ уста мени учкаштырып алып жөнөдү. Көөрүк басып, көңүл коюп үйрөнүүм тийиш... Адегенде Абдырай өзүнө оюндагысындай кемер кур жасатып көрдү. Анан иниси менен атасына тигинден бөлөкчө жасоосун айтты. Кылычтын кынына чейин күмүш жалтыраттырды Абдырай. Мен эми ал буюмдардын кайыш кыйыктарын колумдан чыгарып, акырындык менен оюу-чийүүлөрүн

түшүрүү ыкмасынан көзүмдү албайм. Такай көмүрдү мен өчүрүп келем...»

Капар карыя өз устатынын өнөр дараметин мындайча баалайт: «Балташ зергердин кыял чегелөөсү өтө майда боло турган. Бирок, чеберчиликтин күчүнөнбү, өтө даана көрүнчү. Ошол жыбыртыкы майда чегелөөсү бири-бирине тап-такыр окшошпогондугу, анын көөрүнүн төгүлүшүнүн чыныгы белгиси эле». Устатым мага алгачкы күндөн баштап мындай талапты койду: «Күлүк кыял, ой сени кайда жетелесе, сен ошол тарапка бурул. Бир эле чиймени кайра-кайра баса берсең ал адамды бат эле жадатып таштайт. Жасаган сайын ар биринин кемчилигин көрүп-туюп, түшүрүлүүчү орнаменти ар кыл болуп турганда чиркин өнөрдүн даңкы чыгат». Капардын кемчилигин көргөн зергер дагы мындай ойлорду айтат. Жасаган буюмуңду көргөн адамдар: «Аа, а, баягы эле» дебесин. Чегеленген оймо-чиймени карап көргөндөр окшоштура албай калсын. Ошол даражага жеткенде гана сенин кимдигиң журт көзүнө билинет.

— «Анын кыял чегелөөсү күнгө чагылышып, көз жоосун алып, кубулуп турар эле» — дейт Капар уста.

Ал эми Балташтын иниси Шамшидин зергер, «Айчүрөк» операсы адеп сахналашканда Акундун кызы Айчүрөктүн «себин» жасады. Ал жакында сексен үч жашка чыгып дүйнөдөн кайтты.

Капар уста өз бетинче узангандан тартып ээрди каптоо, кайышты каюу, ага темир чөгөрүп, күмүш жалатуу жумуштарына көбүрөөк кызыгат. Кийинчерээк жезден, колодон, темирден үзөңгү сомдойт.

— Күмүш затынын касиети туурасында айтып бере аласызбы?— деп сурадык.

— Даана күмүш алтынга тете эле зат, — деди Капар. Ошондуктан алтын, күмүш деп эгиз айтылат. Таза күмүш илгерки жамбыдан алынат. Накта күмүштөн буюм жасалса, урунганда бат эле жешилип калат. «Күмүш» делип жүргөн затты отко тоссоңуз, анын аралашмасы дароо карара түшөт.

— Алтынга айла жок. Аны анча көп кармаган да, алып да жүргөн жокмун. Аты-жөнү азыр жадымда жок. Надырбек элинен бирөө келип колума жарыбагандай күмүш карматып туруп: «Ушуну ат жабдыктарына жеткириңиз» — деди. Мен аны эки-үчкө бөлүп, эптүүлүктө кагаздай жука кылып чыңадым. Куюшкандын кошундусундагы темирди тап-таза сүртүп, албарстай курч миздүү балкам менен ага кыйма-чийме торчо жол түшүрдүм. Алиги үлбүрөк күмүштү ошого этият жалаттым. Куюшканды, көмөлдүрүктү да жалатып бүтүп, анан калган күмүштү жүгөн менен үзөңгүгө жеткиргем.

Зергер уста курч темирден бургу жасап, аны менен алты сай чыгарып мылтык жасаган. Капар устаты Санташтын ыкмасы менен акак ташты тердикке, желдикке чөгөрүүчү экен. Ал чоплу, шакек сөйкөнү да кармайт. Күмүштү ичине коюп, анын сыртын тогуз төбөлөйт. Күмүштү тапка келтире турган зат «данакер» деп аталат. Айталык, күмүштү темирге жалатууда, же аны белгилүү өлчөмдө калыңдатууда данакер керек. Ал тигилердин эритиндилериндеги ыпласты бөлүп чыгарып турат.

Зергер уста 1930-жылга чейин күмүш кармоо басыгынан жазган жок. Ал шартка байланыштуу № 53-жылкы заводуна кирип, устакана уюштурду. Мурунку зергер эми кара темирди камырдай жууруп, кайыштай ийлеп, «кара уста» аталды. «Капардын оттугу, Капардын макиси, Капардын үзөнгүсү, Капар кадаган идиш» деген сөздөр бүт айылга тарап кетти.

Анын өнөрүнүн, күч-кубаты толуп турган кези Улуу Ата Мекендик согуштун учуруна таандык. Айыгышкан душманды жеңүү үчүн чарба шаймандарын бир колдон чыгарып турду.

Мындай бир кичинекей өзүбүз күбө болгон эпизод эрксизден эми эсибизге түшөт. Ошол согуштун өтө айыгышкан кыйын кезеңи. Жылкы заводунун саясий бөлүмүнүн башчысы, сары чийкил Карыпбеков деген жигит Жер-Көчкү деген жерге чогулуш өткөрүп, ошол каргыш тийген согуш тууурасында безенип сүйлөп жатты: «Өлкөбүзгө кан тамыр болуп турган Москва сыяктуу ири шаарлар фашисттик курчоодо калды»,— деген кабар чоңдорду эмес, кичинекей бизди да бушайман кылды. Ошондо топтун ичинен Капакем суурулуп чыгып, көпчүлүккө кайрылып мындай деди:

— Каниет кылыш керек. Колумда жок эмес, бар. Мекен үчүн, жеңиш үчүн талбай узанып, бардык мүмкүнчүлүктөрдү жумшаймын. Кан кечип, ок жиреп жүргөн азаматтар үчүн кара жанды да тартуу кылса болот. Керек десе мен даярмын... Капакемдин ар бир сөзү таамай чыгып жатты. Устатынын ташка тамга баскандай сөзүнө, коңур үнүнө элдер жанданып, дуулдай түшүштү. Ал көпчүлүккө кайрылып:

— Кандай дейсиздер!? — деди.

— Колдо барын балдардан аябайбыз! — деген үндөр жаады. Бул алыскы Кара-Кужур жайытында фронтко материалдык жардам берүү боюнча көтөрүлгөн биринчи демилге болчу. Казысы карыш бээсин, эмчеги булактаган уюн, ал турсун үйүндөгү буюмдарын аяган жок. Ал гана эмес, бир жылдык эмгек акысын кошо ыйгарды.

Карыя бир баракчаны эптүү кармап, биздин алдыбызга койду. Чаң жугузбай таза сакталган бул грамота сыяктуу баракчага мындай деп жазылган:


«Кыргыз ССРинин № 53-жылкы заводунун жумушчусу жолдош Канташов Капар майдандагы жоокерлердин жеңиши үчүн көтөрүлгөн жалпы элдик демилгени кубаттап отуз миң сомду согуш фондусуна жөнөткөн. Советтер Союзунун согуштук Командованиясынын Башкы ставкасы бул баалуу салымыңызды эске алып, сизге алкыш жарыялайт!»

Чапкан билет тулпарды,
Таптаган билет шумкарды,
Чапса тулпар чыкпайбы,
Таптаса шумкар учпайбы.

Жарым кылымдан ашуун балка менен шериктеш атактуу уста артынан эчен шакирттерди өстүрдү. Алардын айрымдарын айта кетүүбүз зарыл. Кочкор элине таанымал Жумалы уста Капакемдин эң биринчи көөрүкчүсү болгон. Куйбышев атындагы айыл чарба артелинин кара устасы Эсенбаев Торсон согуш мезгилинде Капакемдин барысканын чаап, колунда иштеп, өнөрүн таасын үйрөнүп чыккан. Кийинки шакирти Шайып Сыдыкбеков Кара-Кужур аймагында «баба уста» деп аталат. Мындан башка Сыдык, Бейшекадыр, Жумабай, Абылат өңдүү темир усталар да Капар Канташовду тереңинде урматташат. Ал азыр да сүйүктүү кесибин улантууда.

Сөз зергер жөнүндө болуп жаткандан кийин муну айта кетели: «Зер» деген сөз перси-тажик тилинде алтын деген түшүнүктү билдирет. «Кер» деген сөз болсо аны кармаган адамдарга таандык. Кыскасы алтын, күмүштү оңду-солду кармап, ар кандай асыл буюмдарды жасоо аркылуу журтчулукка өз жүзүн көрсөткөн устаны зергер деп аташат. Капар, Айсыракун жана Айдаралы усталардын айтымында, күмүштүн (зердин) наркка өтүүчү түрүн илгери жамбы дешчү экен. Жамбы — уютулган накта күмүш. Ал шаңшур, чочпара жана бөйрөк жамбы болуп үчкө бөлүнөт. Шаңшур жамбынын формасы сүйрү, көлөмү чоң келген. Чочпара жамбы картошка түспөлүндө болуп,

Зергер Т. Макеевдин күмүш чегелеген жүгөнү.



бөйрөк жамбыдан бир аз көлөмдүү көрүнчү. Бөйрөк жамбысы койдун бөйрөгү кейиптенген.


Айдыралы зергер мындай эскерет: «Кашкарда Үсөнбай, Керимахун деген чоң бай соодагерлер жашоочу. Бирин-бирине улап, зыкымдык менен жалаң жамбы жүгүртүп, сүткор атанган аларга алышып-беришкен адамдардын айтымдарына караганда, үйүндөгү жамбылары картөшкөнү төгүп койгондой көп болуп үйүлүп жатчу экен.

Бир шаңшур жамбы менен бир кыздын себи толук бүтө турган «сеп» деп күйөөгө берген кыздын күмүштөн жасалган асыл буюмдары аталуучу. Буга: шөкүлө, сөйкө, тумар, шакек, билерик, ийгек, чолпу болуп, ат жабдыктарын шөкөттөө кирген».

* * *

Пржевальск шаарында элдик көркөм прикладдык искусствосунун көргөзмөсүнө, сары мурут адам ооз комуз алып келди. Тигил музыкалык аспаптан улам уста менен аңгемелешүүгө туура келди. Ал Кең-Суу айылынан экен. Азыр Түп районундагы Пржевальск атындагы бал аарыларын өстүрүү совхозунда иштейт.

Зергер Т. Макеевдин күмүш чегелеген жүгөнү.




— Мен балканы он үч жашымдан кармадым. Отуз үч жашка чейин атамдын жанынан каршы узабадым,— дейт Токтогул уста.

Демек, Токтогулдун атасы Макей Саңташ, Балташ өңдүү чоң усталардын наркын сактап, күмүш кармайт. Чоң айылдын зергери аталат. Ата өз жышаанын калтырыш үчүн уулун жаштайынан ушул кесипке такай үндөйт.

— Өнөр өргө чаптырат, атамды ээрчип бир топ жерге барып, баса отуруп узандык, — дейт ал.

1926-жылдын кеч күзү. Төмөнкү Арык айлынан Кыдыр деген киши атама атайын ат жибериптир. Барбай коюшка болбойт. Уста аттуудан бизди жактырып чакыртканына раазы болдук. Кызынын себин камдоого отурдук. Мен көөрүк басам, кайышты кайыйм да, ага темир чөгөрүшөм. Ага күмүштү жалатып, анын бетин чегелөөнү мага ишене бербей такай атам өзү кармайт. Ошондо он сегиз, же он тогуздарга келип калган курагым. Атамдын чебердигине сугум артылып, өзүмчө кармоого шыктанамын. Андан кийин Саруулук Арзыбайдын үйүндө узанганда ат жабдыктарды бүтүндөй өзүм бүтүрүп атамдын санаасын тындырдым. Кыз себин үч айга жетип-жетпей бүтүрдүк...

Зергер С. Оттукташевдин чегелөөсү.




Атасынан үйрөнгөн чегелөөсү анча татаал, же анча жөнөкөй келбей сыңар мүйүз, тумарча кейиптенип, текши жалатылган күмүшкө түшкөнгө аябай жарашык берип турат. Токтогулда өзүнө таандык «кыялы» байкалбаса да, катуу затка оюм түшүрүү жана кайышка чөгөрүү жагынан чебер.

Коллективдештирүү мезгилинде мурунку таанымал усталар тизмеге алынып, ортолук тери дүкөнүн уюштурушат. Мурункудай айыл аралап, жекече узануу тыйыла түшөт. Мында чеберлердин узануу кыймыл-аракеттеринин мүнөзү айкын өзгөрүп, жаңы станоктор колдонула баштайт. Алтын, күмүштү иштетүүдөн эми кара темирге өтөт. Токтогулга Покровкадагы «Үмүт» айыл чарба артелинин устаканасын уюштуруу милдети тийип, узануусун жаңы шартта уланта баштады. Кийин Ата Мекендик согуш башталып, Харьков шаарын коргоо үчүн болгон айыгышкан салгылашууда ок жаңылып, оң колунун үч манжасынан ажырайт. Ышкысы темир затына артылган зергер андай майыптыкка карабай согуштан кайткандан кийин деле узануусун уланта берет.

— Илгери күмүш кармап жүргөн экенсиз, ошол буюмдарыңыздан болсо көрсөк дедим. Сары чийкил, пейили жумшак ал, калкан му-

Зергер К. Кызгараевдин күмүш чегелеген камчысы.



рут алдынан жылмайып туруп: «Устанын тогоосу жок» деген кеп бар эмеспи, колубуз чор болгуча көп эле буюмду жасадык. Бирок, устанын дүкөнүндө калбайт тура, кирди-чыкты кишилер эмне жасасаң азыр да колдо токтотпойт. Анда көбүнчө кардар түшкөндөрдүн үйүнө атайын аттанып барып кармай турганбыз. Карыя байбичесин жалт бир карады.

— «Сокей, баягы жүгөн оңой жердеби, алып чыкчы»,— деди. Эл айткандай, жүгөн кунунда жок экен. Мында чөгөргөн темирине жалатылган күмүштү кургак чүпүрөк менен сүртсөң күнү бүгүнкүдөй жалтылдайт. Күмүш бетинин чегелөөсүндөгү сыйдалык, жөнөкөйлүк менен кооздук маашырлантат. Кайышы колдо ийленгендиги байкалып турат. Эгер кара булгары болсо мынчалык чыдамак эмес. Көп катылса ал сынып калышы ыктымал. Тигил кол кайышты кез-кез майлап койсо, ушинтип жымылдап каларын усталар бирөөдөн сурамак беле... Күмүш жүгөндү сүрөткө алдык. Бул жүгөн 1927-жылы чегелениптир. Мында «мүйүз» оюмдун чебер чегелөөсү бар.

Азыркы күндө да карыя ара чолодо ат жабдыктарын жасалгалайт. Күмүш ордуна жезди колдонууда. Анын кадимкидей идишине эритип куюп, анан кайышка чөгөрөт экен. Ар бир деталдын өзүнчө калыбы бар. Буларды уста согуштан кийинки жылдары өзү жасаптыр.

Куюлуучу калыптардын формасы башка чеберлерден түп-тамырынан айырмаланат. Кээ бирлер жезди кесип алып, аны өгөөлөп чөгөрүшөт. Ага караганда эритип кую зергерчиликтин чеберчилигин жана наркын билдирет. Жеке сары жез гана дебейли ошол жезге цинк уютуп, кээде калай, коргошун катыштырылган эритиндини деле пайдалана билүү Токомдун колунан келет. Ал жезди көрсө бүгүн да кыя өтпөйт.

Токтогул уста темир комуздун (ооз комуздун) ар кандай түрлөрүнө чебер экенин сөз башында айтып кеткенбиз. Комуз жаагын күмүштөн, темирден жана жезден деле жасоого болот. Уста колдогу мүмкүнчүлүгүнө карай темирден жасоодо. Ал мындай дейт: «Комузду жасоодо адегенде темирин тандоом керек. Темирдин ар кандай касиети бар. Комуздун жаагы менен кобулуна муңайым, жумшак деп аталган темир зарыл. Ал морт сынбайт. Үндү коңур берет. Тили менен иймегине болоттой курчу керек. Темирди кесип алып, өлчөп анан өгөөлөп, тилин чыңап, иймегин өгөөлөш жана аны кыпчытуу үчүн өзүм жасаган жыгач аттишим бар. Майда өгөөнүн ар кандайы колдонулуп, кичинекей балка менен сомдолот. Тилин ийишке эптүү кычкач керек. Эгер үнү катуу чыкса, тилин кыскартуу зарыл».

Уста ооз комузда «Так теке» деген күүнү кага алат. Зергер ооз комузда кош тил (бирөө ичкерээк, бирөө жоонураак) жасап какканда, үн кошкондой болуп угулат. Бул кош үндүн бирөө жоонураак, экинчиси ичкерээк угулат.

Элдик зергер Токтогул Макеев чарбанын ар кандай жумуштарына активдүү катышууда. Көркөм кол өнөрчүлүктүн мындай түрүндө узануу анын экинчи кесиби катары сезилет.

* * *

Кошаалы Кызгараев атактуу зергерлердин бири. Ал узанып жаткан чакта жолуксак чебердин минтип айтканы али эсте: — «Кана, жаңы көзсүңөр, карап көргүлөчү жигиттер, бул билериктеримдин оюучийүүсүндө бири-бири менен окшоштуктары байкалабы?» Биз баштан аяк колго кармап, ары жак, бери жактарын аңтара карап кирдик. Билерик, шакек, чолпу, сөйкө, оймок, чакча жана башка буюмдардын жайын айтсак Москва, Ленинград, Парижден бери бул буюмга кабардар. Жигиттин кол өнөрчүлүк дараметине ошол жак да кабардар. Бул сувенирлер туш тарапка ойдогудай саякаттоодо. Ошол жөнөтүлгөн асыл буюмдары жөнүндө: «Сиздин чыгармачылык изденүү — кайталангыс чебердик», — деген жоопту дембе-дем алууда.

Зергер инструменттерин кезеги менен эптүү кармап, узануусун уланта берди. Алиги жукарткан затын анан чегелей баштады. Көз ирмебей көрүп турган биз, демибизди ичибизге зорго сыйдырдык. Бир аз отургандан кийин, эми кайрадан үн каттык. Уста токтоосуз биздин бул сурообузга мындайча баяндама берди:

— Менин бул кесипти үйрөнүшүмө атам жарыктык аябай себепкер болду. Ал киши айыл ичинде ат жабдыктарын жаземдебей кармоочу. Отуз тал көк менен камчы өрүмүн ийине келтирчү. Жаргылчак чекчү. Аны азырда урунабыз. Комуз аттуунун бары түгөлү менен атамдын колунан чыгар эле. Өзү да өмүрү өткүчө кыл кыяк тартып, комуз черте коюп жүрдү. Анан ал кесиби туралуу муну айтты: — «Анда боз үйдөбүз. Атам капшытта узанат. Атамдын жасагандарын токтотпойт. Кол көрүктү басууда мен анда кичинелик кыламын. Ага болбой атам талапты аябай катуу коёт...»

— Жай бас, ошентип да басат бекен, жалын жай чыкса күмүш күйбөй көөлгүй эрийт дейт. Муздак боз үйдө көрүктү такай басуудан тажайм. Мен оюнга жылт койгондо агам Бердалыны кармап калат. Кээде экөөбүздү тең эч жакка жылдырбай коёт. Мен атам жокто анын ордуна отуруп алып, атамды туурап бирдеме жасагым келет. Бердалы мени тескеп, «тигиндей бас, мындай кыл» дейт. Чынында Бердалы агама да, атамдын жышааны жуккан. Ал азыр чабан болсо да, өз көмүркөйү бар. Атам чарчы бойлуу, кызыл жүздүү, орточо сакалы бар адам эле. Такай насбай чекчү. Балдарына «айланайын» деп түк жалынбай, өтө ачуусу келгенде: «Төбөңдөн тийгир» («теңир соккур») дечү. Атам топко көп кошулбаган, оңой мене бирөөнүн үйүнө башпакпаган, жалаң өз устаканасын маанектеген, кишиге ачылып сыр катпаган өтө түнт адам эле. Мен он беш жашымдан тартып эч жакка жылбай, атамдын алдында шекирт болдум. Өзүбүзчө дүкөнүбүз, көмүркөйүбүз, көөрүгүбүз болоор эле. «Аздан үйрөн, балам, бирок уздап үйрөн» дейт. Жасап жаткан буюмдан кичине ката кеткен болсо, жандай отуруп, көрсөтүп туруучу. Мен дасыгайын деп калганда капилеттен Улуу Ата Мекендик согуш чыкты...

Мен согуштан келсем атам узануусун токтотбоптур. Көз айнек тартынып, улам убакыт өткөн сайын тажабыраак калды. Бир күнү Алдейбай деген ферма башчы келип түштү. Ала келген күмүшүн

атама көрсөтүп отурду. Келинчегине келишкен чолпу жасатууга келиптир. Убадалашкан күнү «жолдугу» менен келмек болуп аттанып кетти. Атам ал кетээри менен: —Кошалы, ушуну жасай аласыңбы?— деди. Атамдын кеңеши менен узанууга кириштим. Мен жасаган бир-эки оюмду атама көрсөтсөм көз айнеги аркылуу көпкө шыкаалап, анан тим болду. Атамдын унчукпай калганы жарайт дегени эле. Мен түндөсү кебез чырак күйгүзүп коюп, күмүштү эритүүнү, жалатууну жана анын бетин кандай чегелөөнүн түйшүгүнө баса отурдум. Мен чолпонун бир канатын сегизден он алты тегерекке өзүмдүн «кыялымды» чегелеп койдум. Чолпу башына эки чоң канатка «карга тырмакка» окшош оюмду салып, бул асыл буюмду тупа-туура жети күндө бүтүрдүм.


Республикалык сүрөтчүлөр Союзунун алдындагы көркөм фондуда эмгектенип жатканыма мына жети жылга аяк басты. Ага чейин жыгаччылыкка да, мергенчиликке да умтулуп, куш салып да көрдүм...

Кошалынын бүгүнкү шекирти катары Ибраимов Токтогулду көрсөтөбүз. Токтогул Кошалынын таалими менен кемер, чолпу, билерик, шакек, сөйкө, топчу өңдүү септердин чегелөөсүн кадимкидей жасай алат. Кошалы минтет: «Мен көбүнчө кыш күндөрүндө үнөмдүү узана алам. Ушул тапта колум бош боло калат. Эмгек өндүрүмдүүлүк да айрыкча күндүзү ойдогудай болот. Узануу учурунда бейкуттукту самайм...»

Кошалынын да жылдык планы бар. Ага айына, кварталда тапшыра турган буюмдар даана көрсөтүлгөн. Ал орточо алганда күнүнө эки-үч билерик даярдайт. Шакектен да ошончо жасай алат. Оймокко болсо чегелөөнүн татаал түрү түшөт. Кошалы камчы да кармайт. «Аял камчысы», «эркек камчысы» деп экиге бөлөт. Мунун күмүшүн бири-биринен айырмалуу чегелейт. Демек, бир күндө бир камчыны, бир чакчаны колдон мыктылап чыгарат. Зергерге кардар ар дайым арбын. Ага Кочкор, Жумгал, Нарын тараптан эл көп келет. Ошондой эле чет өлкөлөргө да экспорттолот.

Уста зергерчиликке тийиштүү аспаптарды бүтүндөй өзү колдон жасаптыр. Ар бир аспабын жасоодо өзүнүн «кыял оюусун» негиз кылып алат. Азыр массалуу түрдө чыгарылып жаткан билериктин ар түрдүү калыбы бар. Анын «айыш чапкы» деген куралы ошол билерикке жээк салат. Оюм-чийинге кичине-чоңуна карата «ат туяк», «тай туяк» дегендери колдонулат. Учун беш кыр кылып чыгарган кичине-чоң мыктан жасаган «жылдызча» өңдүү септин үч түрү чырайлуу коздойт. «Чаар чапкы» дегени «оюм-чийимдин тегерегине көп чекит түшүрөт. «Чуңкур такта», «тоок көз» андан да майда «чымчык көз» тегерек өңдүү чапкыларынын өзүлөрүнүн өз алдынча, бири-бирин кайталагыс милдеттери бар. Зергердин «кар чапкы» дегенин жасоодогу анын чеберчилиги укмуш! Чилдеде кыламык жааган кардын кандайдыр жылдыз кейиптенип кеткенин элестетет. «Кайчы кулак», «кыял ачакей», чапкыларынын түшүргөн белгилерин көргөн адам суктанбай койбойт. Зергерге үч бурчтуктуулук менен ар кандай түр

Зергер К. Канташевдин чолпусу.



бере турган аспаптардан он чактысы бар. Кээде бир эле буюмга бул чапкылардын баарын колдонууга туура келет.

— Кыз-келиндердин себин кармоодо накта күмүштү колдоно элекмин. Бул жасап жаткандарым күмүштү алмаштырчу «незильберо» деген зат болуп эсептелет. Бул күмүштүн касиетине ээ, мында 27 процент күмүш бар, — дейт ал, Незильберону дат баспайт, сууга тийген сайын күмүштөй жылтырай түшөт.

2—1085

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 165002

Элдик чыгармачылыктын көрүнүктүү зергери катары ал Ардак грамоталар жана бир нече дипломдор менен сыйланган. Ошону менен бирге Кошаалы Кызгараевге Кыргыз ССРинин сүрөт фондусу 1972-жылы «Элдик чебер» деген наам берген.

* * *

Зергерчилик кесиптеги жаш муундардан алгылыктуусу Абыгалый болуп саналат.

Жигит бул кесиптин бир жылдык окуусун талаптагыдай бүтсө да, аны арымдуу улай албады. Темир бетиндеги оймо-чийме жигиттин эс-дартын бийлейт. Акыры заводдун эксперимент цехине слесарь болуп кирет. Эксперимент цехинде Абыгалый кашык, маки, кур үчүн тогоо, бычак жасоого дилгирленет. Ага элдик оймо-чийме түшүрөт. Кийин Акимжан Капаров деген мастери көркөм фондуга директордун орунбасары болуп иштеп калат. Келээри менен Абыгалыйды ишке чакырат. Ошентип «бөрү атар уулду бөркүнөн тааны» дегендей, Абыгалыйдын тушоосун Капар кесет. Абыгалый үйрөнүүдөн өзүнчө үлгү табууга, белгилүү «мүйүз» оюунун негизинде жаңыча буюмдарды жасоого умтулат. Айталык, бир билерикти колдон чыгарыш үчүн ага өзүнүн жекече кошумчасын билгизүү гана эмес, ошол буюмдун формасын кескин өзгөртүп таштайт. Жигиттин жүзү көбүнчө «сепке» узанууда кашкаят. Кийин атайын кемер курду такай кармап калат. Ар кандай курдун тогоолорун чегелейт.

Абыгалый деле Кошалы зергердей даана күмүш кармай элек. Незильбер деген («мельхер» деп да атайт) күмүшкө тете затты көп колдонот. Чебердин мындай заттан буюмду кандай жол менен кантип иштеп чыгарары кызыктырбай койбойт. Жигит оболу болочок буюмдун эскизин дааналоого аракеттенет. Аны кайра-кайра чийип, купулуна толтурат. Эскиз кандай чыккандыгы бирге иштегендердин көз таразасынан өтөт. Анан металын даярдайт да, ага божомол боюнча сызык түшүрүп алат. «Жети өлчөп бир кесип» дегендей, анан кылдат аспаптары аркылуу чегелеп кирет. Чебердин чапкылары туруктуу колдонулбайт. Жасалуучу буюмдун фонун ар дайым өзгөртүүгө түрдүү аспаптын болушу тийиш. Ошондуктан керектүү чапкыларды өзү жасай алат.

Абыгалый биздин көзүбүзчө чолпу (учтук) жасап жатты, чынында чолпу болгондон кийин анын эки жагын коздоо керек. Муну зергерчиликте «чегелөө» деп аташат. Анын жасап жаткан материалы жукараак болгондуктан эки бет материал өз-өзүнчө чегеленип, анан беттелет. Эгер чолпу үчүн бети калың металл туш келсе, анын эки жагы дароо чиймеленет. Чолпунун тамандарынын аралыгы бекитилет. Башкача айтканда, ичке зымдын бир нече тагын кадимкидей чыйрата эшип, түймөчүлүктөгү «чаян түйүш» жасалат да, таман илмектери ошол чаян түйүш аркылуу илиштирилет. Мындай аракет оболу чолпунун коздугу үчүн да зарыл. Чаян түйүштө чолпунун тамандары бир бетинен экинчи бетине тегеренип, которушуп турууга мүмкүнчүлүк болот.

Адатта зергерчиликте чегеленген оюм-чийимдин чети карарып, орнамент өзү жалтылдап турушу шарт. Абыгалыйдын устаканасында незильберди жылмалоочу чарык сымал тегерек механизми бар. Жеке Абыгалый дебейли бүгүн кол өнөрчүлөр бирикмелеринде иштеп жатышкан зергерлер оюмдун четин карартуу максатында шпосульфиттин эритиндисине күкүрт кислотасынан бир аз кошот. Чолпунун таманын ошого салат да, болжолдоп кайнатат. Муну «черин» деп коюшат. Ат-Башынын Кызыл-Туу кыштагында жашоочу эски зергер карыя Айдыраалы Балтабай уулунун күмүштү чегелөө ыкмасында айырмачылыктар сезилет. Ал мындай дейт: «Оттун күлүн таптап туруп, үстүндөгү жыгач көмүргө күмүштү тосуп турса, анча өтпөй эрип, көлкүлдөй түшөт. Анан отту ары ичкериштирип жылдырса, эриген күмүш бат эле катат. Кыпчуур менен сугарып алса, ширетилген күмүш аппак болуп, өңүнө чыгат. Аны дөшүгө коюп, ары жак, бери жагын чаап ийине келтирип, керектүү буюмду жасоого киришем. Мисалы, топчу же билерик жасагым келсе, ар биринин калыбы бар. Ага салып туруп сомдойм. Оюу түшүрөм. Күмүш буюмдун бетине ар түрдүү орнаменттерди түшүрүүчү кичине темир шибеге «ойгуч» деп аталат. Ал эми күмүш оюунун түбөлүк карарып калышы үчүн чегелей турган боёкту биз өз колубуз менен жасоочубуз. Кызыл жездин, күкүрттүн, коргошундун, анан таза күмүштүн кошундусун таразачага кылдат тартып, тигил заттардын биринин составын оодук кошуп, баарын аябай аралаштырат. Тышы темирден, ичи чопо топурак чөйчөктү «эриткич» деп атайбыз. Ошол идишке салып, эритип, муну кызыл чок болгон жыгач көмүр менен аралаштырат. Эритме «бышканда» кара баркуттай кулпунуп калат. Муну таза темирге куйса, дарсо колдоюп сууйт. Анан аны порошоктой майда талкалап, кичине чөйчөкчөгө салып, ак данакерди кошот. Демек, орнаменттин оюусу түшкөн топчуга, же билерикке жарыбагандай калакчасы аркылуу салып, оттун табына кармаса, чуңкурчага толот. Аны кургатып, өгөөлөп, койсо кол менен тарткандай оюу түшөт. Бул «зооткер» деп аталат... Айдыраалы зергер айрыкча зооткер орнаментин түшүрүүчү. Бул күмүштүн негизги саймасы болуп саналат. Капар, Токтогул, Айсыракун өңдүү зергерлер деле ушундай ыкманы көбүрөөк колдонгону белгилүү.

Жаш зергерге ыйгарылган план ар кандай. Ал соода тармактарынан берген тапшырмаларына байланыштуу, жогоруда баяндаган буюмдун түрлөрүн, курдун тогоосун кээде нак жезден да жасайт. Айрым зергерлердин айтымында чыныгы жезди «мез», ал эми латунду «жез» деп айырмалашат. Бүгүнкү зергерлер Абыгалый менен Кошаалынын кармаган буюмдары, өз алдынчалыгы байкалат. Кошаалы Абыгалыйга караганда бай тажрыйбага ээ. Ал туурасында: «Кошокемдин жасаган чапкыларынын кылдаттыгы зор», — дейт Абыгалый.

Албетте, зергерчилик кесип нускалуу өнөр, кол өнөрчүлүктүн «аксакалы».

## АТ ЖАБДЫКТАРЫНЫН ЧЕБЕРЛЕРИ

Сары чийкил, чокчо сакал карыя эртеден бери узануудa. Бул ишке ал жерге жарык киргенде киришкен. Мен анын аракет кыймылына көз жүгүртүп байкап отурамын. Карыя узануусун уланта берди. Анын байтешеси суу жыгачка тийген сайын сөлү кача элек чамындылар шылынат. Мен анын ээр жасоого аракеттенип жатканын баамдадым. Бул — Абдыжапар уста, аны «ээрчи» деп аташат. Жетимиш сегиз жаштагы карыя кезегинде күмүш кармаптыр. Кийин кара темирге өтүптүр. Ат жабдыктарын түгөл бир колдон чыгарат экен. Ээр чаап, аны каптап, үзөңгүсүн колдон сомдоп, кайышын кайып атка дароо токуп кеткендей жасайт.

Акыры устанын эпилдетип чаап жаткан керкиси ээр сөлөкөтүнө бат эле келтирди. Атайын Абдыжапар устага жолугууну самап келгеним оңунан чыкты. «Ишим мына ушундай эле оңдой-берди болмокчу», — деп өзүмө-өзүм ыраазы болом.

— Ар кимдер жыгачын көтөрүп келип, жасап бер деп өтүнүшөт. Ошондуктан кардар адамдардыкын кармай коём. Айрыкча малчылар көп келишет. Өзүмчө жасап деле эч кимге тартуулабайм. Сунган кол кайда болсо жетип, элдин баары эле «сымбаздуу ээр минебиз» деген кез тура. Токумбай сыпаакерчилик үчүн илип койгондор да бар... Айрыкча Ат-Башы, Нарын тарапта ат жабдыктары баалуу азыр.

Ээрге жергиликтүү карагай, шоолдон өскөн мырза терек, жапайы талды пайдаланып жүрөмүн. Тал, теректин табылышы бүгүн кыйын. Мен таппай жүрөм.

Уста айтымында ашыгып иштейт экен. Себеби кыйылган ээрдик материалды дароо чаба коюш керек. Анткени терек сөлү менен жумшак болуп, иштөөгө жеңил болот. Жука нерсе бат кургап күнгө жарылып кетүүсү ыктымал. Ошондуктан көлөкө жерге коюу керек. Көлөкө жерде турган жыгач заты тап менен кургайт. Терек, тал карагайдын айрымдарын кандим уста жатка билет. Терек ээр токунганда бара-бара кажып кетет. Уста илгери чабылган ээрди сорпо менен малдын майына кандыра сугарып, анан отко кайсап алганда, ал буюм урунууга мыкты болгонун айтат. Азыр болсо авдалын менен майлай коюп отко тап жедирет экен. Карыя уста көбүнчө карагай ээрди жасайт. Анткени Ат-Башы, Нарында көбүнчө карагай ээр токунушат.

Байтеше менен сомдогон жыгачка эми балтанын мизи тийди, анан керки... Калганы бычак менен чебер жонулуп, жымсалдоо үчүн өгөөлөнөт экен.

— Ээрди чабууда эң татаал бөлүгү кайсы, устаке?

Зергер А. Молдокабылов.



— Кайсынысын айтсам — ал колундагы керкисин жерге коё коюп, кармап жаткан ээрин кайра-кайра аңтара салып, мени карап: «билгенге баары эле оңойдой, билбеген көзгө бүтүндөй кыйын көрүнөт шекилдүү.— Мунусун «ээрдин кашы» дейбиз. Кээ бир жерде «ээрдин томподою» деп да жүрүшөт. Ээрдин кашы жакшы жасалса, жаман ээрге жарашык берет. Көрпөчөдөн койкойуп көрүнүп турат. Кашына илгери күмүш жалаткан темир топчу уруучумун. Азыр чемодандын мыгын колдоном. Муну «көрчөгө» деп атайт. Кашты тегерете уруп таштаганда аябай кооз көрүнчү. Эми жез менен деле ээрдин кашы шөкөттөлүп жүрбөйбү. Ал эркек ээрине мүнөздүү. Ээрдин кашын «кыргый моюн», «бөрү кулак», «бүркүт томого» өңдүүлөргө бөлүп жүрөт. Мен ээрдин кашын бүркүттүн томогосундай жасайм. Ушул мага абдан жагат. Ээрдин эки жагын «ээрдин каптыргасы» дейт. Муну начар оюп койсоң желдик жакшы токтобой жонун басып, атты жоор кылып таштайт. Алдыңкы, арткы каптаргасын чыгарышка абдан чебердик керек. Үстүн «көчүк коюучу чарасы» деп айтат. Илгери күмүштүн доорунда чараны жээктей темир уруп, чегелеп коёр элек. Кийин бул шаан-шөкөттү таштап, төө тери менен каптап, кардар адамга карматчу болдук...»

— Ээрдин ушул эле түрүн жасайсызбы, же?

— Ээрдин мыктысы мына ушул, муну «кумач ээр» дейбиз. Мындайча айтканда эр-жигит ээри болуп саналат. Бул ээр «эр эңиш», «көк бөрү», «ат чабыш» өңдүү улуттук оюндарына токулат. Мындай ээр ат баасына татуучу. Анан «айырмач» деген да ээрдин түрү бар. Кунан, тайга токулуп, жаш балдар минүүгө өбөк болгон. Мунун алдыңкы, арткы кайчылашкан кашы болот. Кыз-келиндерге арнап жасалуучу «айырмач ээр» өзүнчө айырмаланып, көчкөндө бурчтарынан бери чегелеген булгаары тердик, муз желдик, суу чайпалбас жорголорго токулганда, ат жарыктык сынына чыгуучу.

Илгери «ыңырчак ээрге» эл көп кардар эле. Көчмөндүү турмушта алдын калыңдап көбүнчө ат, өгүзгө токуп, боз үйдүн жыгачын артуучу. Ыңырчак ээрди жасоо жеңил. Ал шөкөттөлүүчү эмес. Бир нече бөлүктөргө бөлүнүп, аны көк менен бириктирип коюучубуз. Муну «жону жука» адамдар токунуп да алышчу. Абдыжапар карыя керектен эчак чыгып калган ыңырчакты мага көрсөттү.

— «Анжиян ээрден» сиздин ээрлердин негизги айырмасы кандай?— деп сурасам, уста муну кыскача, мындайча түшүндүрдү: «Ээр аттууга тал, кайыңдан бышыгы болбойт. Бирок, кайың жарыктык токунууга оордук кылат. Ал эми «Анжиян ээри» жеңил, ар кайсынын кошундусунан желимделет. Биздин ээрлер табигый жыгачтардан эч жери кетилбей жасалып жатпайбы. Ошон үчүн биздин ээрлер мыкты.

Абдыжапар карыя үнүн бийик чыгарып, оюн даана айтууну сүйгөн адам экен. Ар ким менен ак пейилде пикирлешет. Аңгеме баштаган адамдарды тереңинде кадырлайт. Анын бейбичеси Ырысбүбү айыл арасындагы чыгаан өрмөкчү экен. Шырдак, сайманы азыр да ийине келтире жасайт. Ал эми уулу Абдыжапаров Сайналга ата жы-



23-26 нет
18 IV 2000


ган ал, азыр Аламүдүн районунун «Ала-Тоо» совхозунда жашап, узануусун улантып жатат.

Өрмөчүлүк да элдик өнөрчүлүктүн татаал түрү экенин билебиз. Элде жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, чидер жана камчынын өрүмүн сынпоздоо чоң өнөр катары бааланган. Мындай уздар айыл арасында азыр да көп кездешет.

Акир элдик кол өнөрчүлүк Бирикмесине камчы өрүп берип турат. Айына 10—15 өрмө камчыны өткөрүп, ал чыгарган буюм көркөмдөлүп, чет өлкөлөргө чейин жөнөтүлөт. Мыкты өрүмдөрдөн Акир «термени» мыкты билет. Бул камчы өрүмдүн атактууларынан болуп саналат. Буга 24 тал көк зарыпталып, бирден басып, бирден өтүп, төрттөн тал жупташып, сегиз жолу терилет. Анан дагы бир өрүмдү «суйсалма», же «каз таңдай» дешет. Бул да төрт талдан төрт жолу жупташканда, 16 тал көктү тилип өрүш зарыл. Жогорудагы эки өрүмдү Акир чейрек кылымдан бери такай кармоодо. Ал он алты тал көк менен бир эле камчыга өрүмдүн төрт түрүн: «термени», «каз таңдайды», «суйсалма» жана «жарым суйсалманын» өрүмүн табышмактуу кылып бериши, бул прикладдык искусствону өздөштүргөндүгүнүн жандуу күбөсү. Эгер «терме», «суйсалма» өрүмдөрүндө бир талынан жаңылса, өрүм тескери кетет. Бир тал үзүлсө ал уланбайт. Дагы «жон өрүм» дегени бар. Өрүмгө өзүнчө жон чыгарат. Он, он эки тилим кайыш кетет. Чүйлүктөргө мүнөздүү «беш кашка» деген өрүмдү да Акир үйрөнүп алган.

Өрмөчүлүк искусствосунда «каз таңдай» деген өрүм бар. Акирдин үйүндө ушул өрүмдүн үлгүлөрү арбын кездешет. Буга тогуз тал көк тилинет. Өрүүдө бир жагы төрт, бир жагы беш көк басылат. Ал эми бешинчи тал ар дайым алмак-салмак эки тарабына алмашып, тегеренип турат. Өрмөчүлөр «каз таңдайды» көбүнчө нокто, көмөлдү-

Өрмөчү Акир Тентимишвдун жасаган элик сап камчысы.



рүккө өрүп, буга жүгөн, куюшкандагы «жом» деген түр түшпөйт. Биз жогоруда айткандай «беш кашкага» кайыштын бир тилим көгү жумшалат. «Жети кашка» деген өрүм кездешет. Буга жети тал көк кетет. Көбүнчө мындан басмайыл өрүшөт. Карыя бул эки өрүмдү бирдей эле кармайт. Ата-бабадан бери чебер өрмөчүлөр, ат жабдыктарынын ээрден башка бардык бөлүктөрүн бир кол менен кармап бүтүрүүчү экен. Өрмөчүлүк кайыш тилиминин жоон-ичкелигине жараша сыпатталып, бышыктыгына, кооздугуна карай бааланчу экен.

Өрмөчүлөр көктү көбүнчө эчкинин, кийиктин, тайдын, музоонун терилеринен жасашат. Демек, сыйрылган терини тоборсутуп туруп, үч күнү сууга бастырып коёт. Аны жибитип, жүнүн бычак менен шыпырат. Анан аны тегиз жерге керет. Ал бир аздан кийин кургайт. Анан аны кийиз алдына таштап коёт. Көк нымдуу келип, тилүүгө оңой болуп калат.

«Буюмду кооз жасоо көзгө илешпеген тал көктү, же кайышты чеберчиликте тилүүгө байланышат», — дейт өрмөчү. Тилим текши, бир жеринен үзүлбөй ойдогудай тилинсе, өрүм кооз түшөт, өрүү да көңүлдүү болот. Акир көктөн бир мезгилде жыйырма төрт талды бирдей жоондукта тиле билишке уста. Кээде Акирге байбичеси Сагынбүбү менен уулу Андабек жардам берет. Андабек биринчи класста окуп жүрүп, азыр сегиз тал көк менен «жөрмөм» деген өрүмдү мыкты өрө алат. Чеберлер көктү көз өлчөмү менен тилет. Ага кол маш болгон. Кайышты тилүүдө деле ушундай болот. Атактуу өрмөчү азыр Кант районундагы Киров атындагы колхоздун Сары-Жон деген кыштагында жашайт.

Шопок уулу Ашыралы да өз мезгилинде чебер өрмөчү экен. Ал Чүй районундагы Бириккен кыштагында жашайт. Азыр ал 85 жашта.

Карыя өрмөчү он бир тилимден турган «нокоор» деген өрүмдү Арзыгул аттуу өрмөчүдөн үйрөнүптүр. Ал эчкинин мүйүзүнөн «сыдыргы» жасап, камчынын өзөгүн аябай кысып, анан өрүүгө киришет экен.

Камчынын сыйдасы 60 өрүмгө чейин жеткен. Жарашыктуу камчыга тобулгу жана эликтин шыйрагы сапталган. Сабына калай, же көк курчалат. Ал «бел көк» деп аталат. Камчынын кармала турган жагына кара булгаары каптап, ага чачы чыгарат да «бүлдүркөн» өткөрүлөт. Камчыланган чакта бүлдүркөн колго илинип, камчы түшпөйт. Бүлдүркөндүү камчыны мыкка, же керөге башына илип коюуга да болот. Камчынын башына калай, же болбосо жез кадалат. Анын башын «бөрк», же «бөрктүн калайы» деп коёт. Камчынын «алаканына» көбүнчө кара булгаары капталат. Ал кооз чегеленет. Илгери камчынын күмүш чегесине көбүнчө «куш тырмак» түшүрчү экен. Азыр чеберлер жез, же калайдан тумарча, төрт бручтук, уруп коёт. «Алакандын» да чачысы болот. Камчы өрүмүн «түшкүн» деп аташат. Муну менен өрмөчүлөрдүн чеберчилиги сындалат. Камчынын учундагы «сокмого» илгери койдун корголундай коргошун түйүүчү. Ошондуктан «сокмону» мыктап бекитүүдө чеберчилик талап кылынар эле.

Өрмөчү Ашыралы
Шопоковдун жүгөнү.




## ТЕРИ ЖАНА МҮЙҮЗ БУЮМДАРЫНЫН ЧЕБЕРЛЕРИ

Малдын териси революцияга чейин элдин турмуш-тиричилигинде маанилүү ролду ойногону белгилүү. «Тогуз катар торкодон, токту акемдин түгү өттү» деген кеп тегин чыкпаган. Жалаң териден жасалган кийимдерди, буюмдарды санасак ондон ашат. Мисалы, тон, ичик, шым, тебетей, тумак, малакай, маасы, кол кап, же көөкөр, көнөчөк, сабаа, чанач, супура, тулуп сыяктуу буюмдар. Ошондой эле тери ат жабдыктарына да колдонулат.

Теринин түктүүсү жана түксүз жаргагы делинип эки түрдө пайдаланылат. Терини иштетүүдө ашатуу, ийлөө, боёо, ыштоо сыяктуу түркүн жолдорун өтөө менен ар кандай буюмдар жасалган. Тери буюмдарын иштетүү да жашоо шартка байланышкан. Улуу Ата Ме-


Муса Жоробаевдин жасаган мүйүз буюмдары.



кендик согуштан мурун жана кийин айыл ичиндеги бычмачы, тикмечилер бүйүрмө тон, желетке, чыптама жасоого өзгөчө көңүл бурушканын эскере кетсек жетиштүү. Мында формасы боюнча ар кыл өзгөрүүлөр байкалат. Айтор, тери тондун белинен этекке чейин көрпөдөн жээк кыюуланган. Муну аял-эркек дебей жапырт кийген. Мындай кийимдерге көбүнчө топчу эмес, илгич кадалуучу. Бирок кол өнөрчүлүктү аркалап, кийим-кечек кийүү канткен менен жыл сайын тарып барууда. Сырт жерлерде көрпөдөн ичик жасатып кийүү азыр да жолугат.

Тери идиштерин ыштай турган жайды «ыштык» деп айтышат. Ыштыкты кандай жасоонун ыкмасын билүү зарыл. Оболу чуңкур казылат. Ага улай ийри-муйру каналча кетет. Эки башы ачык, үстүн кайрадан жылчыксыз жабуу керек. Бир башынан кирген түтүн, берки башындагы кептелген идишке таамай уруп турат. Ыштык бықшып түтөөсү тийиш. Тери идиштерин ыштоодо тобурчак, саман, чий, төө таман колдонулат. Бул түтөп жатып дүрт этиши да мүмкүн. Ыштыктагы ийри-муйру каналча ышталып жаткан буюмду жалбырттаган жалындан сактоого ылайыкташкан. Ал түтүндүн жойлоп жүрүшүнө

Муса Жоробаевдин сувенир үчүн жасаган белектери.



оңтойлуу болот. Даана ышталган идиштеги куюлган даамдын касиети көпкө сакталат.

Бүгүнкү табылгыс идиштердин бири чанач болуп саналат. Ат үстүндөгү кыргыз турмушунда чаначтын ролу аябай зор болгон. Сынбас бул буюм урунууда көпкө чыдаган. Чанач идиши көөкөр, көнөчөк, көнөк жана сабаны жасоодон кескин айырмаланат. Чанач үчүн эчкинин териси керек. Туюк союлган терини жибитип туруп, жүнүн бычак менен шыпырат. Чылгый тери аябай ийленет. Ийине келгенде ыштоого түшөт. Болжол менен айтканда 10—15 күн ыштоо зарыл. Чаначтын мыктылыгы ушул ышталуудан билинет. Ыштоосу келишкен идиш кызыл-күрөң көрүнүп, жагымдуу жыт аңкып, кымызы таңдайды такылдатат. Чанач абдан эскиргенде гана ага сүзмө, айран куюуга тийиш. Чаначтын көлөмү ар кандай болушу ыктымал. Аны кол чанач, серке чанач жана эркеч чанач деп айтышат. Кол чаначы жүнү кыркыла элек улактын терисинен жасалып, алып жүрүүгө ылайыктуу келет. Узак сапар чеккенде кыргыздардын канжыгасында илгери кол чанач сөзсүз болгон. Рысбүбү байбиче, Абдыжапар карыя мындай чаначтарды жыл сайын өздөрүнө жасап алышат...

Илгерки баалуу буюмдардын бир түрү мүйүздөн жасалган. Мүйүз тарак, мүйүз чакча, мүйүз сап камчы, ордо оюнунда абалак үчүн кийиктин, кулжанын мүйүзү табылгыс болгон. Мүйүз топчу, мүйүз седептерди жасаган чеберлер эл арасында арбын болгон. Мүйүз буюмдар илгери эле бааланчу. Мында өнөрлүүлөр аял тарак жасоодо ашкере көрүнчү. Бир эле таракка кесек жана майда «тиш» чыгарылат. Илгери жону катуу жокчулук заманда тарак да тартыш... «Эжекем эрге тийсе, эски тарагы мага артат» деген макал төгүн эмес. Аялдар чачын тарануга тарак жок жүдөп, карайлап калган кезде бул өнөрдү да үйрөндүк — дейт Абдыжапар карыя.

Уста тарак жасоону азыр да таштай элек. Ал жаш уйдун, же топоздун мүйүзүнөн көөнүнө жакканы колуна тийгенде, мүйүздүн ичине жыгач салып, ага малдын майын сыйпайт. Анан оттун табына кактайт. Мүйүз тап менен былкылдап жумшарат. Бул кайра суугуча эки жыгачтын ортосуна сала коюп таңып, бастырып таштайт. Акыры мүйүз ошол калыбында теп-тегиз болуп калат. Уста көмүркөйүн ачып адегенде керкини алат, мүйүздү сомдоп кирет. Анан четбучкагын аралап, тарактын көлөмүн чыгарат. Мүйүздүн бетин бычагы аркылуу жылмалап кырат. Ушундан кийин түз темир менен кесек жана майда «тиштерин» кылдат сызат да, кичине араны жүргүзөт.

Мүйүз буюмдарын жасоодогу бүгүнкү чеберлердин бирине Муса Жоробаевди көрсөтүүгө болот. Ал Кыргыз ССРинин театрлар Коомунун өндүрүштүк мастерскоюнда иштейт. Муса бодо малдын мүйүзү менен сөөгүнөн ар түрдүүчө буюм жасайт. Анын өнөрканасында байчечекей, көпөлөк, конуп турган бүркүт, кайкып учкан кардыгач, ак кептер, мүйүз кейпиндеги түрдүү көрүнүштөр кездешет.

— Эгерде композициялуу чыгарма түзгүм келсе, андан оболу эскизин кагазга түшүрөмүн. Аны пластилинге көчүрөм. Мында мүйүздүн жумурусу тандалат,— дейт Муса Жоробаев.

Мүйүз чакча шөкөттөлгөндө жезден, же күмүштөп жээктелип, ага орнамент түшүрүлө турган. Чакчанын капкагы чачыланат. Мүйүз өнөрү илгери ошол чакча менен тарактан көрүнчү экен. Муса да оюмду атайын кол машинасы менен берет. Ал мүйүз карандаш салгычка элдик мүйүз оюмун түшүргөнү ойдогудай чыккан. Демек ал бул буюмдун жээгин тешүү менен оюм чыгарган.

Азыр мүйүз буюмдарын жасоодо бир кыйла жеңилдиктер байкалат. Мүйүз электродуховка дегенге жумшартылат да кол прессине бастырылат. Муса бодо малдын жамбаш, далы, сөөктөрүн да иштетет. Мүйүз жана сөөк буюмдарын жасоо үчүн анын негизги аспаптарына тешкич, кескич станогу кирет. Анан көбүнчө чарык менен бычакты колдонот. Ал 1961-жылы Кыргыз ССРинин прикладдык искусствосунун чеберлеринин республикалык көргөзмөсүнө катышкандыгы үчүн биринчи даражадагы диплом менен сыйланат. Ошондой эле Жоробаев Мусага Бүткүл союздук көргөзмөлөрдөн да баалуу сыйлык тапшырылган.

3—1085

## ЖЫГАЧ УСТАЛАР

Тажрыйбалуу уста кадимки койдун эле сары жон болуп үйүлгөн жаңы кыгын бир чекесинен жайып, ага суу сээп, анан үстүнө кошкон кыгына кайрадан суу сээп, айтор, бул жумушту эрикпей иштөө менен алек. Тизе бою үйүлгөн алиги кыкка тигил үйүлүп турган укуруктай талды бирден сойлотуп киргизди. Билектей талдардын бир тобун катар жашырып жаткызгандан кийин, анын үстүнө дагы кыкты анча калыңдатпай бастырды. Кайрадан чаканы колго алып, сууну колу менен шапшый септи. Анан дагы талдан алып тизе баштады. Акыры үйүлгөн кык балык жон болуп чыкты. Анан карыя бизге кайрылып мындай деди: «Муну бир, бир жарым саатча таштап коём. Карап турсаңар ысып, коюу кара буу көтөрүлүп чыгат. Анан жыгачты аламын. Ысыган жыгачтын илеби көпкө суубайт. Муну станокко салып басканда жыгач жашып, кайыштай жумшарат. Анан ийри-муйрусун оюңдагыдай түзөтүп аласың».

Акыры Абдыгул уста айткандай болуп чыкса болобу! Көрсө, талды бирдей түп-түз кылып алып, анан боз үйдүн уук, керегесин болжолу менен талаптагыдай жонуп, жасайт турбайбы.

Мен мындан мурун бир ыкма көргөм. Абалы уук, керегелик жыгачты болжоп кыйып келгенден кийин кургатып, алардын учу чыкпагандай арык жасоочу. Ага мейли эски, же жаңыбы кыкты толтуруп, түтүнү асманга көтөрүлгөнчө кор кылат. Анан ага уук, керегелик жыгачты сойлотот.

Албетте, мындай ыкма буга караганда опурталдуу. Анткени, жыгачтын алды күйүп, кызыл чычала болуп калышы мүмкүн. Устанын боз үйдүн жыгачын жасоочу «станогу» илгерки эле жөп-жөнөкөй буюм болуп саналат. Аны элде «тис» деп аташат. Ошол тис аркылуу боз үйдүн бүтүндөй уук, кереге, түндүк, босого-таяк, бакан, ала бакан, мамы жасалууда. Устанын «тистин баскычы» дегени да болот. Метрден ашып-ашпай, баса турган жагы жалпак, башка тарабы жумуру билектей бул жыгачты уста сол капталына алды. Кучкач ээрдин кашындагы эки ачадай жерге аштап салмак менен басканда, алиги жыгач каалагандай ийрее түштү. Мындай «ыкманы колдонуп, маш уста ууктун сызма илгич, жабык баш жана керегеге байлана турган тарабындагы ийгисин ойдогудай ийип таштады. Тистин баскычысыз ушул уукту, керегенин көзүн, анан түндүктүн чагарактарын ийүүгө түк мүмкүн эмес. Карыяда, тестин баскычынан башка, «тарткы» деген аспабы бар. Анын эки тарабы миздүү, эки сабы бар. Ошол тарткы менен ууктун жана керегенин билегине жол түшүрүлөт. Албетте, тарткы түшүрүлгөн кереге, уук кооз көрүнөт. Жыгаччылык иш негизинен керки сыяктуу аспап менен бүтөт экен.

Жыгач уста Ысмайыл.



— Уук, керегенин жыгачын кайдан табасыз, аксакал?

Уста биздин суроого тарткынчактап жооп кайтарды.

— Талды табуу азыр абдан кыйын балам, — деди ал чекесиндеги балык көз терин шыпырып. Анан колду жаңсап коюп, бак-бак айтып кирди: «Бул жапайы талды эки көздү төрт кылып жүрүп Суусамырдан эптеп таап келгем. Жоон талды кесип кеткенден кийин анын ордуна майда талдар шуулдап өсөт го. Ошол солкулдак талдарды түбүнөн кыйып, кургатып жатканым. Суусамырдын токоюнда эмнелер гана жок. Жер асылы Суусамыр өрөөнүндө талдын бир нече түрүнөн бөлөк ак кайың өсөт, копшоп койгондой тим эле жыш чыгат го чиркин! Ичкелиги билектей шоолдоп, шоонадай созулуп өскөн ошол кайыңдан боз үйдүн жыгачын жасасаң ээ, э! Бирок көчүп-конууга кайың оор келет. Анткен менен түбөлүктүү болор эле.


Өмүрүнүн көпчүлүгүн Кенес-Анархай жайытында өткөрүптүр. Анда Кант районунун МЖСи бар. Фрунзе атындагы колхоздун коюн бакчу экен. Ошол кезде бул кең өрөөндүн Жайсаң деген жеринде бир

казак боз үйдүн жыгачын келиштире жасаганын көрөт. Анын кыймыл-аракетине аябай суктанып, ышкысы арткан Абдыгул жарым айча такай барып, бул ишке кумары ого бетер артат. Анан керки саптап, тес жасап, тарткыны, тестин баскычын өз колунан чыгарып, илгери үмүт менен узанат. 1950-жылы ошол өзү иштеп жаткан МЖСке малчылар тиге турган боз үйдүн жыгачын өзү колдон чыгарат.

Биз анын колунан чыккан кийинки боз үйүн көрдүк. Боз үйдүн жыгачы төрт канат болуп чыкты. 55 башка өлчөп жасаган экен. Тогуз көктүү, жел көздүү керегелери бар. Көгүн болсо төөнүн терисинен тилиптир. Абдыгулдун терини иштетүү ыкмасы да башкача экени байкалат. Жерди чуңкур кылып казып, көлчүккө жаңы сыйрылган терини көмүп таштап, жүнү жыдыры менен четинен тилип аларын айтты. Керегe көктөөгө өгүздүн жон териси да аябай бышык болорун эскертти.

Боз үйдүн жыгачтарын жошо менен сырдоонун да мааниси зор. Казакстандагы Көк-Адыр деген жерден алып келет. Жошо чыкчу жай азыр көлчөгө айланып кеткен. Жошону суусуз жерлеринен кургактап алышат. Жошо боз үйдүн жыгачынын касиетин сактап,

Ысмайыл жасаган кыргыз боз үйүнүн түндүгү.



аны узакка урунууга табылгыс нерсе катары колдонулат. Аяк, чөйчөк, кашык, сузгу, челек жана ар кандай коооздукта ала бакан жасап өтүптүр. Абыдгул кичинекейинде эле көзү жумулган атанын нускасын болочок уста ала албаган.


Жыгач уста, пенсионер, А. Сейдиев азыр Кант районунун Көк-Жар кыштагында жашайт.

— Боз үйдүн жыгачын кармаган устаны иликтеп жүрсөңөр Ысмайыл деген бар, ошого баргыла.—Бу көлдүн тескейи менен күңгөйүнөн ага тете чебер деле табыла койбос, — деди жыгач уста А. Сейдиев. Акыры Ысмайылды да издеп таптык. Ал Жети-Өгүз районунун Кичи-Жаргылчак деген айылда жашайт экен.

Ошентип, биз карп-курп кирип барсак үйүндөгү өнөрканасында ууктун бир талын бекитип алып, сүргүлөп жатыптыр. Эр ортону элүүдөн эми эңкейген, мурутун сейрек ак чалган, кызыл жүздүү, бою кичине киши көрүндү. Биз саламдашып учурашкандан кийин уста менен көпкө аңгемелештик.

Башка усталардан Ысмайыл карыянын боз үйдү жасоо ыкмалары өз алдынча. Үч бочканы курап, аларды аштап, ага кемеге казып,

Абдыгул Сейдиевдин жасаган керегеси.



бекем орнотуптур. Анын үстүнөн мештикиндей ооз чыгарыптыр да, туш тарабын цементтеп таштаптыр. Алдында от жаккычы бар экен. Бул темир идиштин ичине жарым-жартылай суу куюлат. Түбүнө от жагылат. Суу кырк градуска ысыганда уук, кереге жана түндүк болуучу жыгач ошого толгуча шыкалат. Анан суу кайнагандан кийин кеминде дагы эки саатча коюлат. Мында жыгачтын чайыры чыгып, тарамыштай чыйралып, мындайча айтканда «ийленип» калат. Аны андан ары иштетүү оп-оңой. Ийилгич болуп калган боз үйдүн жыгачын станогуна коёт. Ысмайыл устанын Абдыгул устаныкынан башкараак көрүнгөн уук матагыч, кереге матагыч, түндүк, чамгарак ийгич деген станогу бар. Айтылуу уста согуш мезгилинде жана согуштан кийинки жылдары арабанын дөңгөлөгүнүн жыгачын жасоо үчүн ушундай ыкманы колдонуп келгендигин бизге түшүндүрүп берди.

Устанын «тиси» темирден жасалыптыр. Ийри-муйру жыгачты кызуу кезинде ошого дароо түзөтө коёт. Станоктон өткөндөн кийин жыгач жарылбайт.

Устанын «тарткы» же көлдүкчө айтканда «кобул» деген куралынын мааниси чоң. Ал жылмаланган жыгачка быдыр жана түр түшүрөт.

Экинчиден керегенин талын бириктирүүдө атам замандан берки көктүн ордуна шифер мыгын колдонуп жатыптыр. Ушундан улам менде мындай суроо туулду:

— Эмне үчүн мындай, көк жаатын табыш кыйынбы?

— Төөнүн көгүн пайдалануучу эмес белек. Бул аймакта анын табылышы албетте азыр аябай кыйындады. Өгүздүн жон териси деле болор эле... Бирок, мен бул өнөрдү кармагандан бери көк ордуна жүзүнчү мыкты коюп, эки жагына шайба салып, бөрк чыгарам. Менин баамымда көк үзүлүп калмайы болот. Бара-бара чоюлат. Шамалда, жаан-чачында жыгачты өз огунда кармап тура албайт экен.

Кереге тор көз жана жел көз болуп экиге бөлүнөт. Жел көзүнүн бир тал менен экинчи талынын кесилишкен аралыгы жыйырма сантиметр келет. Ал эми тор көзүнүкү он алты сантиметр. Ысмайыл жасаган керегенин тору он сегиз сантиметрге туура келет. Жакында көл жээгинде катуу шамал болуп, эч жери ийрейбей боз үй эки метр аралыкка жылып кеткенинин өз көзү менен көргөнүн айтып берди.

Азыр Ысмайыл карыя кардар адамдар боз үйдүн материалын алып келсе гана узанат. Боз үйдүн жыгачы баамда комсоорок көрүнүп, алтымыш баштан ашпайт. Бул боз үй анча деле кичине эмес, өтө чоң да көрүнбөйт, айрыкча малчылар ташынып-конууга куп ылайыкташып жасалган.

Боз үйдүн түндүгүн жасоодо да чеберчилик керек. Түндүктүн жыгачы эки жаадан турат. Анын ар бирине отуздан «көз» чыгат. Эки жаакка темирден эбелек коюп, анан аны зым менен бөрктөйт. Илгери темир жааты каат кездерде кара шири коюучу экен. Түндүктүн чамгарагынын төрт калканы болот. Илгери атайын коздук үчүн түндүктүн чамгарагы текенин мүйүзүнөн жасалып, анын тегерек-четине күмүш чегеленүүчү дейт карыя уста.

Кол өнөрчүлүк десем ак калпакты тиккен уз, үч кылдуу комузду жасаган чебер уста көз алдымдан өтөт. Ошол комуз ээси кереметтүү күүлөрдү черткен залкар комузчулардай, эл мүдөөсүн өтөгөндөй туюлат мага. Аманкул ошол элдик касиеттүү аспапты жасарын мурун эле билчүбүз. Комуз кыргыз жергесинен сырткары чет өлкөлөргө чейин сувенир катары саякаттап жүрүшү ар бир адамды толкундатпай койбос!

Аманкул бир метрден ашуун «бук» деген жыгачтын кесиндисин алып кирди. Алып келээри менен сыртын жымсалдап сүрүп чыкты. Анан аны комуз үлгүсүнө коюп, карандаш менен шарт чийип, колго кичинекей араны алды. Анын жазылыгы сегиз гана миллиметр келет. Ошол аркылуу арыдан-бери айланта аралап чыкты. Аманкул чебердин жасаган аракеттери чыйрак. Эл ичинде жыгач усталар мурун ара ордуна керки менен бычак колдоно турган.

Аманкулдун азыркы аракетинен комуздун жалпы түспөлү көрүндү. Эми ичин оюуга бет алды. Аны ченөө керек. Чебердин буга өзүнчө өлчөгөн үлгүсү бар экен. Тигиге катар жаткан искенени (жыгач устасынын жалпак, бир башы курч жабдыгы) эптүү кармап, эпилдетип оюу менен алек.

— Сиз бул жерде көптөн бери иштейсизби?

— Он эки жылдан бери карай.

— Комуз жасоону качантан бери колго кармадыңыз?

— Оо, о, көп болду. Айтор, жыгаччылыкты ат жалын тартып мингени кесип тутуп келүүдөмүн.

...Уста комузду жасоодо оболу, жалпы корпусун ийине келтирип алды. Ага капкактык жука тактайды жапты. Мындан кийин моюн чыгарып, эми үч кулакты тагууда ченебегендей чеберденди. Комуздун тээги тыкан коюлуш керек. Кылын керип тагаары менен кылдыраган дабыш берди. Комуз кылы үчүн азыр алтынчы номердеги «килька» колдонулат. Мурда болсо комуз кылына сойгон койдун ичегисин таза сыдырып, аны кадик колдо ийрип, кургатып, кадимки чарык жипче түрүп алыша турган. Ошол ичеги кылдын үнү аябай ачык жана мукамдуу чыкканы талашсыз. Албетте, колго канчалык чебер ийрилсе деле ичеги негизи эт эмеспи, тырмала бергендиктен бат эле үзүлүп калуучу. Ага караганда фабрикадан чыккан балык кайырмагынын жиби бышык дешет. Демек, бүгүн комуз чертүүчү өнөрпоздор арбын. Ичеги кылды жасоо калып баратат.

— Мында сиз өзгөчө кайсыга көңүл бурасыз?

— Комуздун үн-тембрин табуу кыйын. Муну кылдат байкоо зарыл. Негизги үндү капкактын ичи, айрыкча тээктин алды берет.

— Анан дагы?

— Комуз кооз жасалууга тийиш. Колго кармоого эптүү, ары ал сапаттуу болушу баарынан зарыл. Комуздун жаны жыгач, анан кыл.

Азыр бул жерде жеке эле кыргыз комузу жасалбайт. Бул мастерскойдо элдик көп аспаптар жаралууда. Алардын ичинде оркестр үчүн «альт прима» деген комузду да жасап чыгарат. Бул музыкалык аспапты айтсак, үч кылдуу келип, кадимки комуздай үнү мукамдуу.

«Альт прима» деген кыяк да жасалат. Мунун да үч кылы бар. Мындайынан скрипка өңдүү байкалат. Мурда айыл арасында мындай түрү болбогон дечи. Кыргыз элинин залкар музыканттары Күрөңкөй, анын уулу Муратаалы, Турап, Турдубайдан тартып азыркы музыканттар тартуучу кадимки кыл кыяк.

— Биздин жасап жаткан ишибиз күндүк эмес, айлык, кварталдык пландар аркылуу айкындалат, — дейт Аманкул. Мен ар ай сайын жыйырма комузду даярдап өткөрүүгө тийишмин. Жасай коюш, «мына» деп кармата коюш оңой. Бирок, калк кадырлап уруна турган мүлктү, «ала кол» кылбай сапаттуу жасоо керек...

Бул иште жеке мен дебейин, өзүм өңдүү жыгач кармаган жолдошторум бар. Алсак, Токтокадыр Кенжеев жана Сардар Карагулов деле, санынан мурда сапаты үчүн жан тартып турушат.

Кыргызстан театрлар Коому, өндүрүш мастерскоюунун чебери Исаков Аманкулдун эмгегин жогору баалап Ардак грамотасы менен сыйлаган. Ал өз ара социалисттик мелдештин жеңүүчүсү.

## ТАШ ЧЕККИЧТЕР

Таш чеккич узанып жатат. «Чык, чык» эткен табыш анча алыска угулбайт. Метиге балка салмак менен тийсе, майда таш күкүмдөр чачырайт. Таш чегүү оор жумуш. Антсе да бул ишке көнгөн адамдардын булчуңдары ошол таштай катуу. Эртеден кечке таш чексе да, муюганы билинбейт. Кайра чыйралып жаткандай болот мага. Анан таш чеккен адамды көрсөм эле Баяман карыя эске түшөт. Тегирменчи карыя ар жумада эле ташты ала салдырып, метилеп чегип жатканын көп көрүп жүрөм. Жаш балдар ага аябай үйүр.

Суу баштарына далай эле тегирмендер курулду. Көбүнүн өмүрү өтүп, суусу какшыды. Ары-бери өткөндөр бул жерде бир кезде тегирмен болгонун гана эскерип калышты. Бирок, Баяман карыя өз тегирмени менен кош айтыша элек.


Карыя өз кесибин сүйөт жана ал жөнүндө мындай дейт: — «1945-жылы марттын аягында согуштан кайттым. Кабыргабыз «жукарып» турган чак. Анда бул тегирмен «Оттук» колхозунун карамагында экен. Бригадир Алымкулов Абдырай менин акыбалымды карап туруп:

— Тегирменди жүгүрт, эми согуш болсо бүттү, эл арасын токчулук аралайт, — деди.

Мурун бул тегирмен тээ, э, алкымда болуучу. Мен эс тарткандан баштап билем. Тегирмен башы Ыйман деген кишиники экен. Анын көзү өткөндөн кийин, уулу Кулжыгачка калат. Андан кийин анын иниси Токсобай, анан иниси Дүйшөмбү кармады. Мен ошол Дүйшөмбүдөн таалим алдым. Ал адам согушка кетип, кайра эл-журтуна кайрылып келери менен көз жумду... Ошентип тегирмен Баяман карыяга өтөт. Ал тегирменди ылдыйкы айылга чукулдатып, азыркы жайына алып келет. Тегирмендин үстүнкү ташын ошол эле Оттуктун суусунан табат. Жусу деген киши менен суу ортосунан кургакка алып чыгышат. Жаткан жайынан оболу жалпы түспөлүн берип, анан баса отуруп чегет. Анан «бургу» же «көзөөч» деген куралы аркылуу көзөөсүн чегет. Бул куралды Баяман Кум-Белден алып келет. Ылайыксыз болгондуктан кээде сынып деле калуучу. Көбүнчө темирди тандап, таптап келип, өз колу менен мыктап сугарып алуучу.

Тегирмендин алдыңкы ташын Окош дегенден алат. Окош—эски тегирменчилерден эле. Ал Он-Арча суусунун жээгинде Кара-Чийде тегирмен чуркатып туруп, эл отурукташа баштаганда тегирмени менен Ак-Мойнокко көчүрүп келет. Тегирменчилер да журт маанектешкен. Ал ушул кесипте карып, жакында дүйнөдөн кайтты. Окош энчилеген ташты араба менен жеткирип, астыңкы ташты кош ат менен сүйрөтүп барышат.

Тегирменчи Баяман
Кутманов.



Кол өнөрчүлүктө тегирменчилерди илгертен урматташкан. Тиричиликке зарыл болгондуктан ушинтип тегирмен чуркатышкан, жаргылчак жасашкан. Моло ташка жан киргизген. Ошентип Баяман атанын тегирменди кармоодогу негизги куралы эле мети болуп саналат. Бул ар дайым керек. Тегирмен такай чуркап турган чакта да таштын бетин апта сайын метилеп турбаса, таш жешилип, бүкүлү данды ойдогудай майдалай албай калат. Андан кийин көзөөч, же бургу керек. Анан салмактуураак балка. Чеберлерге чоң таштарды жара бөлүү үчүн шынаа, барскан жана чукулдук да колдонулган. Мындай куралдардын ар кандай түрлөрү Баяман карыяда толук турат.

Тегирмен салыш үчүн негизинен таш, темир жана жыгачтын болушу зарыл. Темир таштын үстүнкү бетинде болот. Аны «бака» деп

коёт. Үстүнкү ташты айландыруучу астыңкы ташта «барасы» деген бар. Ошол баранын моюнунда «шимек» орношкон. Шимек келип баканын мойнуна илинет. Ал эми баканын милдети ташты суу аркылуу тегеретет. Мындайча айтканда, барага суунун шары тийгенде, барага күч келип, таш айланат. Баяман шимекти арабанын ок темиринен жасап келет. Баранын жыгачтан он эки, же он беш калагы болот. Ушул баранын астында узата коюлган жыгач бар. Бул «турум» деп аталат. Асты жагын «ургаачы турум», үстүнкү бетин «эркек турум» деп аташат. Мындан өйдө ноо кетет. Ал беш-алты метрге созулат. Бараны жүгүртүү үчүн бир арык суунун шары керек. Ноо бийиктикте орнотулуп, суу өтө эле шар келсе, жерди бат эле оюп, кум чайкап кетет. Тегирмендин кампасына бир куйганда буума каптан ашык эгин сыят. Ал төрт буттуу аштамага асылган. Анын дан түшүрө турган калагы бар. Данды аз, же арбындата берүүгө шартташкан жип түркүктөн өткөрүлүп, ал тээкке бекийт. Тээк буралса, жип чыйралып, дандын түшүүсү азаят. Тээк бошоңдосо, калак данды арбын берет. Демек, тээк аркылуу жип бир кыйралып, бир жанып турат. Тегирмендин жүрүү темпин аныктоочу нерсени «тегирмендин шакылдагы» дейт.

Карыянын тегирмени такай чуркап турган чакта күнү-түнүнө бир жарым тоннадан ашык ун-талкан чыгарып туруучу. Азыр мурунку-

Баяман Кутмановдун тегирмени.




дай эл жок. Тегирменге Тянь-Шандагы Казан-Куйган, Оттук, Кара-Үңкүр, Кара-Чий өңдүү аймактын эли азыр да атайын келип, нөөмөт күтүп калышат.

Баяман карыя кезинде жаргылчакты да жасаган. Бул тегирменге караганда албетте жөнөкөй тес бүтөт. Мунун туткасы жана шимеги эле болот. Элибиздин көчүп-конуусуна ылайыкташкан. Экинчи бир мастер Ат-Башы өрөөнүндө жашайт.

Согушка кетерге чейин Айсыракун Жети-Өгүз районунда «Үлгү» колхозунда темирчилик боюнча уста болуп иштейт. Кийин сегиз жыл удаа жел тегирменде эмгектенген уста, журтчулукка «тегирменчи Айсыракун» деген атка конот.

«Тегирмен салуу да билгенге чоң өнөр. Ошондуктан жүгүртүүгө дилгерлендим. Туюк-Богоштудагы Сыңар-Мүйүз деген жерге балкамды, метимди, барысканымды ала барып, ташын тандап, жаткан жайынан сомдоп, чилдеде чанага салып келдим. Аны кышты-кыштай баса отуруп, чакылдатып чегип чыктым. Мети менен таш чегиш бул да кыйын жумуш окшобойбу. Жаз кылтайып, суу жүрөр маалда тегирмендин дубалын көтөрүүгө кам урдум. Үстүн жаап, ташын койдук. Төрт жылча тынбай жүргөн тегирменге жакын арадагы айыл-кыштак куунай түштү. Эгин-тегиндерин артынып келген адамдардын алкышын көп эле алып турдук. Суткасына тонналаган ун-талкан чыгат. Кийин колхозубуз эмгекке дан бөлүштүрүүнү токтотту. Даяр унга өтүштү. Андан бери тегирменим анча чуркай элек»,— дейт тегирменчи.

Айдарбековдун жасаган жаргылчагы.



## ОЙМОЧУЛАР

Азыр оймочу тууралу кеп козголсо эле ириде шырдак, аны шырып отурган адам эске түшөт. Маркатай эженин жумура-журтка жүзүн көрсөткөн иштүүлүгү ошол шырдакчылыкда! Биз Кара-Кужурдун суналган өрөөнүн кыдырып чыгып, көргөн-билгендерибизди кайрадан көз таразасынан чубай өткөрсөк, кийиз кармап жүргөндөрдүн чыгааны деп ушул Маркатай эжени атасак болот. Ал жашы алтымышка таянган, отуруп-турганы өтө салмактуу, сөз таалимин даана билген, кызыл жүздүү байбиче экен. Бекер бир минута отуруп көрбөгөн жана көнбөгөн адам бул жолу да жөн туралбай алектенип, кийиз кармап отуруптур. Мурунку күнү оюп бүткөн оюусуна «милте» деген жазы жипти өз колу менен чалып жасап, муну «түр шырдакка» бастырып жатканын көрдүк· Мында уз менен аңгемелешүү ойдогудай болду.

Ал ушул сары өзөн Чүйдүн Алчалуу айылынан экен. Боорун жерден көтөрөрү менен көркөмдүк дүйнөсүнө кызыгуусу улам артылган ал, эне жанынан көп алыстабайт. Энеси учук саптатып, шоона чыйраттырып көрөт. Ийне кармоону үйрөтөт. Маркатай энесин туурап оймок кармап, шырдактын чекесине отурмакчы болот.

— Балам, азыр кийиз шырууга колуңдун кубаты келбейт,—дейт эне тогуз жашар Маркатайга.

— Эмнеликтен, апа?—деп Маркатай энесине жакындайт.

— Эмнеликтен дейсиңби? Али кичинекейсиң да.

— Ким айтат, кичиксиң деп?

— Колуңа оймок чак келбей, чоң келип жатпайбы...

Анда Сүйүмкан байбиче көбүнчө шырдактардын «табак оюу» жана «кыял» оюусу аркылуу айыл арасына барктуу экен. Ал чакта чүйлүктөргө мүнөздүү «бадам оюусун» түшүрүп, шырдак шыруу, ала кийиз уютуу арбын болгон. Секелек кыз Маркатай өз бетинче оюм чыгаргысы келет. Анда эне кызына:

— Оюмдун баарын үйрөнүүгө тырыш,—деп Маркатайга ала кийиз менен шырдактан тышкары чий чырмоону үйрөтөт. Демек, Маркатай чийдин комуз тили, туура мүйүз, омуртка деген негизги түрүн үйрөнөт.

— Илгери апам идишке тузду чылап, чийдин башына кебезди же куургуч кылып, тузга малып, кийиз чийчү. Ал кургаганда агарып, из түшүп калуучу. Муну курч кестиги менен оюп кирүүчү. Азыр мен борду учтап чием бир чети таза, анан жугуму даана дейт Маркатай эже.

— Үлгү колдоносузбу?

— Үлгү колдонуп отурбайм. Чымырканып кармап, дароо чийип кеткенди сүйөм.

Оймочу Маркатай Эсеналиева



— Апаныз үлгү колдончу беле?

— Мени үйрөткөн кезде үлгү колдончу. Мен да үлгү кармай коюп жүрүп, кийин ал үлгүм колдон колго өтүп... Деги жакшы түшкөн татаал оюмдардын үлгүсүн алып калса болор эле... Чынында чиймечи, оймочулар профессионалдык билим гана жок даана сүрөтчүлөр болуп саналат. Ал эми айыл ичине барсаңыз, азыр үймө-үй шырдак жасалууда. Мындай караганда шырдак шыруучулардын бардыгын «уздар» деп койсо да болчудай...

Бирок элде кол менен чийилген, же болбосо үлгү коюп оюлган кийизди тирмие тиктеп, көз курчун, кол күчүн кетирип жөрмөп, шырып отурган чебер шырдакчылар, тиги оймочу, чиймечилерден ачык айырмаланып турат. Маркатай эженин чыгармачылык дымагы

күчтүү, ал үлгү коюп, бирине-бирин беттеп отурбайт. Анын жасаган ар кандай буюмдарында бирөөнүкүн көчүрүп ала коюучулук жеринен жат.

«Мен көбүнчө эртең менен тура калып, болочок оймомду чием. Ошол убакта иш кармоого табитим тартып, аракетим сая кетпейт· Өз кыялымды бор менен кийиз бетине түшүрө баштайм»,— дейт ал биз менен болгон аңгемесинде.

— Ар адамдын ой толгоосу болот эмеспи. Демек, сиздин жекече кыял-оюңуз үчүн кандай таасирлер түрткү болот?

— Буга көп нерселер себеп болот. Кээде жайлоодогу учурум эске түшөт. Анда түрдүү дүйүм гүлдөр, чөптөр өсөт эмеспи. Аны аралаганда тил жетпей турган ажайып көрүнүштөр, эсепсиз кооздуктары менен мени өзүнө оп тартып, кайра-кайра имерчиктеп, көңүлүм көтөрүлөт. Эгер көкүрөгүмдү уялап, көз алдымда турган түр[illegible] дароо

Оймочу Мамбеталиева Калыйбүбү үйрөнчүгү менен.



чийип кетсем болгону, купулга толбой калса, кайрадан изденүүгө туура келет. Эки-үч күндөп, кандай чийүү керек экендигин ойлоном. Албетте, ар кандай эле чыгармачылык оңунан чыга бериши ыктымал. Ар дайым эле баш көтөрбөй чийип отуруу да мүмкүн эмес. Эгер чебер бир ишти чыгынып кармай турган болсо, анын аягын көрүүгө ченебей ынтызарланат. Маркатай эженин «акыл оюусу» жөнүндө сөз козгоп жатабыз. «Кыял оюу» демекчи, бүгүн жыргал турмуштун шарапаты ар бир үйгө толук чачыраган бейпил чакта, көркөм элдик кол өнөрчүлүк дуулдап өсүп жатат. Ар бир шырдакчы, өрмөкчү, түймөчү, зергер, саймачы, чырмакчы, килемчи жана башкалар кармаган ишинде өзүнүн учкул кыялын берүүгө аракеттенүүдө. Анткенибиз менен мунун баш-аламан жактары да кездеше калат.

Оймочу Маркатай айткандай, кыргыздын элдик шырдак оюмдарынын эбактан бери мезгил сынынан өтүп, доорлор менен үндөшкөн түрлөрү бар. Улуттук орнаменттин көз тойгон түрлөрүнө «кочкор мүйүз оюу», «бадам оюу», «бармак башы», «бычак учу», «ит куйрук», «мүйүз оюу», «табак оюу», «тартак оюу» деген оюулар журтчулуктун калың катмарына белгилүү. Мындан сырткары атактуу оймочу адамдардын аттары кошо айтылып калган. Алсак, «Салбай оюу», бул Ат-Башынын Ак-Музунан, Нарындын Жалгыз-Терегинен Садык деген оймочулар чыккан экен. Азыр Жергеталда Садык оюу басымдуулук кылат. Булардын «кыял оюусу» жогорку чыгармачылыктан жаралган. Ошондой эле Маркатай эженин шырдактарында бири-биринен окчун айырмаланат. Экөөндө эки башка «кыял» көрүнөт. Биз кайра-кайра сүрөткө тартууга аракеттендик. Шырдактын четинде «жарым кыял» түшкөн. Менин көзүмө арсак-арсак тоолор элестейт. «Бычак учтарындагы» кара менен ак өң, шырдактын ажаарын ачып турат. Кийиздин көркүн кызыл менен жашыл өң чыгарат экен. Оюмдун түрлөрүн түшүрүүдө көк менен кызылды кошсо да болот. Күлгүнгө көбүнчө жашыл кошулат тура. «Жарым кыялга» көбүнчө сары менен кара, же ак кыюуланат.

Маркатай эже өзү боз үй көтөрүптүр. Бөйрөктүү келип, тигиндейден бүркүттүн томогосундай суйкайып турган 80 баш ак өргөнүн ички-сырткы жагдайларына көңүл бөлдүк. Чийдеги, кийиздеги жана таардагы оймочулук, жез оймочунун кимдигин ырастайт. Боз үй Советтик Кыргызстандын түзүлгөндүгүнүн 40 жылдык юбилейинде, республиканын салтанат-шаңында тигилип, журтчулуктун көз элегинен өткөн.

Чейрек кылымдан ашуун саламатчылыктын сакчылыгында эмгектенип, оймочу атыккан Калыйбүбү Мамбеталиева мындай дейт: «Тигил, же бул жактан көзүң чалган оюу түшсө, ошонун негизинде көңүлүңө жаккандай бир оюуну кармап көргүң келет. Жалпы алганда ал орнаменттер окшош көрүнгөнү менен андагы ички өзгөрүштөрүн өзүң ачык сезсең, ал оюу өзүңө таандык болуп калат».

— Сизди таасирленткен оймочуңуз ким?

— Маркатай эжемден башка эч ким эмес. Анын оюу-чийүүсү адамды өзүнө тартып турат. Биз кыйла жылдары кошуна олтурдук. Көз алдыбызда көп оюуларын колдон чыгарды. Эже узданып жаткан-

да мен анын чеберчилигин баамдап отурар элем. Тим эле карап калбай, бир чекесинен кармалашып: «мунусу мындай, тигиниси тигиндей тура»,—деп кийлигишип, купулга толгон оюуларды көчүрө койбой, өзүм кантип өзгөртүп беремимди ичимден кайра-кайра ойлончумун. Оюунун чеберчилиги, анын ичкерээк жана сыйда болушу менен сыналат. Демек, биз сөз козгоп жаткан оймочу айткандай, илгерки шырдак оюулардан азыркынын айырмасы ачык сезилет. Мурун алайган, тартайган оюулар басымдуулук кыла турган. Алардын негизинде азыр «бадал» оюу, «табак оюулар» пайда болуп, буга ар бир уз өзүнүн кооздугун жана романтикасын берүүгө умтулат. Шырдакчынын мында кыялы өзүнүн кармап жаткан оймо-чииймелери аркылуу көрүнөт. Жогоруда белгилеп кеткендөй, шырдак оюулардын мындай майдаланып баратышы, же балаты сыяктанып, бутактанып кетиши жакшы жышаан.

Бүгүнкү жасалып жаткан шырдактар эки түргө бөлүнөт. «Бир түрдөгү» шырдактын ортосуна бир гана оюу түшүрүлүп, анын четине «бадамча» салынат. Ал эми «түр» шырдактагы артыкчылык мында: табак-табак болуп, ар бири бөлөк-бөлөк оюулуп, мунун бири бузулса, кайрадан оңдош оңой... Шырдак чоң болуп баратса бир табагын алып таштоо да мүмкүн. Ошентип, бир түрдөгү менен түр шырдак бири-бирине окшошпогон эки башка элести берет. Биз сүрөткө түшүргөн Калыйбүбүнүн өз «кыялы» чагылдырылган шырдакта так ушундай өзгөчөлүктөр толук сакталган.

# КИЛЕМЧИЛЕР

Элүүнчү жылдардын баш чени. Эл арасында килем токуу кайрадан жанданып калган кез. «Баланча деген адам килем токутуптур» «Түкүнчө дегендин токуткан килеми кирип отурган үйүнүн энине чак экен»,— деген сөз айыл арасына желдей бат тарайт. Албетте, мында оболу килемин көрүү, чоң-кичинесине машыркануу, көчөтүн түшүргөн чебердин аты-жөнүн билүү ал кезде салт эле. Килемин көргөн кирди-чыктылар «карчыга көчөт» экенин (кайкып учкан куштун жуп сүрөтүн салган) баамдап кетише турган. Элдик салт боюнча эми ошол килемге түрдүү көчөт түшүргөн чеберге жолугуу керек... Килемчилик ашкере күчтүү өнүккөн Лейлек, Баткен тарапта «чебер көрүү» деген салт азыркы күндө да бар. Алар чеберге көйнөк тигип, жоолук алып, жолдугу менен келүүгө тийиш.

Бүбүчач байбиче ошол тапта Гүлжандарга жакын жашап калат. Килем сокпой жай албаган Бүбүчач, айласы кеткенде алты жаштагы Гүлжан менен небереси Тумарды эки колтугуна отургузуп алар эле. Тетик кыз Гүлжандын колу өзгөчө эптүү, килем көчөттөрдүн көкүрөгүнө түйүп, такыр жаземдебейт. Ар бир тал жиптин эсебин так билип, өткөрүүдөн жаңылбайт. Бүбүчач тигил эгиздей экөөнө назар таштайт. Көңүлүндө буларды килемчи кылууга дилгирленет. «Окшошкон гана садага болоюндарым, ушуларым сөөгүмдү агартып жатат. Көрүнгөн тоонун ыраагы жок, уз аталсаңар, анан элдин көбү силерге айланчыктайт»,— дейт Бүбүчач аларга жалбарып. Ошентип, кыздар чоң узга кошулуп, эртеден-кечке иш үстүндө. Тирмейе тиктеп, эбелектей кыймылдап, станокто иштөөдөн түк жадашпайт. Тигил килем көчөттөр кийин бүткөндө бадырайып өтө кооз көрүнө түшсө Гүлжандын кубанычы барынан ашып түшөт. Өзүнчө делөөрүп, килем көчөттөрүн кайра-кайра кармагысы эле келе берет.

Гүлжан мектеп босогосун аттап калганда Бүбүчач небереси Тумарды ээрчитип Лейлек районунун Баул деген айлына кайра көчүп кетет. Ошондо Кольцо, Тогуз-Булак, Чаар жана Чалдыбардан берки көзгө басар чебери эле ушул Гүлжан болуп калат. Ага алыстан ат тердетип келүүчүлөр арбыйт. «Кызың түр көчөттүн жол-жобосун көрсөтүп койсун», «килемимди баштап берсин», «кызыңды сурап келдик»,—деп туш-туштан адамдар келишет. Ошондо энеси Айжамал: «Ой-бой, али кичине да, кызым кайсыны билип жарытат. Илмейген колунан кайсы иш бүтөт. Кол каруусу келе элек неме, өзүңүз баштай бериң»... дечү. Бирок, айылдаштары анын ой-боюна коюшпайт. Гүлжанды жетелеп баса берише турган.

— Өзүң өңдүү теңтуш кыздарыңан кимдер килемчи атанып чыкты?

— Айтса көп, кичине кезибизден баштап биз менен бирге килем станогуна отурган шериктеримдин көбү азыр да такай килем токушат. Мисалы, Токтобаева Мубаректин токуган килемдеринин чырайлыгына эл куштар. Ал азыр кулундунун «Кольцо» деген темир жол станциясында жашайт. Муну кошунасы Мамбеткулова Алыйма сиңдиси Салима менен килем токууга кичинесинен үйрөнүштү. Осмонова Болотай менен «Кольцо» орто мектебинде бирге окудук, бош күндөрүбүздө килемге бир отура турганбыз..

Биз Гүлжандын эң кичине кезиңдеги теңтуштары менен килем токуп отурган фото-сүрөттөрүн көрдүк. Гүлжан орто маалыматтуу болгонго дейре кырк алты килем токуптур. Ал килемдерге уздун атыжөнү, килем кимге арналып токулгандыгы, кайсы жылы бүткөнү дааналап түшүрүлгөн. Көчөтүн түшүрүүдө чебер килемчинин чыгармачылыгы айдан ачык сезилет. «Килем көчөтү да көркөм кол өнөрчүлүккө тиешелүү орнаменттер сымал, мезгил талабына жараша өзгөрүү, жаңыруу касиетине ээ»,— дейт Гүлжан.—1961-жылы бир килем токуп, ага «Восход-1дин» сүрөтүн, анан «Восход-2ни» түшүрдүм. Гүлдүн ортосуна сүрөттөрү жазуусу менен орун алган бул килемдер, айылдаш Сулуукан дегендин үйүндө илинип турат.

Гүлжан соккон асыл буюмдагы «Кремль көчөт», «Москва көчөт» аттары айтып тургандай кооз көрүнөт.

Дагы «роза көчөт» деп коёбуз. Азыркы шартка ылайыктуу, бир килемде төрт роза болот. Анан дагы бирин «дилбар көчөт» деп атайбыз. Майда-майда жайнаган талаа гүлдөрүнө окшоп, көбүнчө кызыл, ак буюмга жарашык берет. Ал эми «гүлбахар көчөттө» түр мындан чоңураак келтирилет.

Жергиликтүү уздарга килемчилик менен өрмөкчүлүктүн түйшүгү бирдей, жүндү ийикке ийрип, чыйратып «согуу», «токуу» деген терминдерди көркөм кол өнөрчүлүктүн бул эки түрүнө алмак-салмак колдонушат. Гүлжан «алтымыш жиптүү ай көчөт», «токсон жиптүү тор көчөттүн» татаал түрүн согуп, ага ак менен кара өңдөн «тай туяк» деген түр түшүрүүгө кылдат экен. Жогорудагы айтылуу көчөттөр сары, ачык көк, же жашыл менен кооздолуп, мунун четтерине «бычак учу» жана «араа тиш» келтирилип, кыскасы бул көчөттөрдү бир эле таар буюмуна туташтырып да согот экен.

Катраңдагы Өзгөрүш деген айылда Ашырова Макмурат жашайт. Ал азыркы күндө тогуз баланы тарбиялоодо. Улууларына өзүнүн уздук таалимин берүүдө. Чебер өзүнүн кол өнөрчүлүгүн оболу саймачылыктан, кийин куракчылыктан баштайт. Килемчиликте болсо бой тарткандан бери такай кесиптенет. Макмураттын алгачкы устаты Таштемир келини Мария болот. Ал өз кезегинде атактуу уз Бүбүчачтан таалим алат. Атактуу килемчи Кара-Суу кыштагындагы Досотова Рабия, Таштемирова Парда, Календарова Ажар, Жусупова Таажи жана Мадалиев Сурманын килемчи болушуна бирден бир себепкер. Макмурат өзү жөнүндө мындай дейт:

— Оболу мени килем согулуп жаткан жайга Сурма деген эжебиз ээрчитип барды. Эриш жипти кандай санашты үйрөттү. Анан жипти

чалып, эришке байлашты көрсөттү. Аркакты эриштен өткөзүп, таракый чалыш менен бекитишти өз колу менен жасады· Анан чалган ошол түктү кол кайчысы аркылуу бирдей кыркышты көрсөтүп бүткөндөн кийин, Мария ападан көчөт түшүрүүнү үйрөнүүгө ынтызар болдум.

Азыр согулуп жаткан буюмдун узуну беш метр туурасы үч метр келет. Ошондо эриши 560 тал, аркагын 640 тал жип болот. Эриш жипти ал ар дайым эчкинин жүнүнөн ийрет. Ал эми аркагына кой-эчкинин жүнү аралаш колдонула берет. Эсептеп отурса, эриш-аркагыңа биригип он алты килограммдай жүн кетет. Демек, тытылган жүн түйдөктөлүп, эришти жасоо үчүн жиптин жоондугун теменедей ийрет. Бирөө оңго, экинчиси солго ийрилген жипти чыйрак чыйратканда бадырайып, көзгө токтомду көрүнөт. Муну казандагы сууга бир саатча кайнатат. Кайноодон өткөн жипти кагылган эки казыкка жүгүртө керип, анан түрүп алат. Муну килемчилер «чыңдоо» деп коюшат. Ошол чакта ортосуна метрче үбөлүктөй жыгачты салып, кийин созулуп кетпес үчүн алиги жипти ошону менен күч келтире бурайт. Бул «толгоо» деп аталат. Жип ошол боюнча жарым күндө кургап бүтөт. Анан жипти жандырып, метрдей кылып келептөө керек. Мындай аракет туура жыгачтан өткөрүшкө оңтойлуу келет. Анткени, станок үчүн коюлган эки жыгачтын биринин астынын экинчисинин үстүнөн өткөргөндө

Килемчилер, Лейлек району «Өзгөрүш» колхозу.



жип кайчылашып, бул күзүктөөгө ыңгайлашат. Эми күзүктөө жумушу башталат. Мен Макмуратка суроо менен кайрылдым.

— Күзүктөө дегенди кандай түшүнөбүз? Ал мага жипти көрсөттү. Анан кыскача мындайча түшүндүрдү:

— Күзүктөө деп астыңкы жип менен үстүңкү жиптин чаташтырбай ача турганды айтабыз. Бул өрмөктө да болот. Килемде эриш-аркагы кең, ошон үчүн күзүгү да узун болот. Күзүк пахта жиптен ийрилип чыйратылат.

— Себеп?

— Бул кырчылбайт. Калчык жүн бат кырчылат. Жипти ар бир талы күзүктөөдө билинет. Күзүктөөдө туурасынан жыгач коюлат. Эриш жиптин жарымын күзүк жипке илип чыгат. Күзүктөлгөнү (жиптин үстүнкүсүн) «эркеги», күзүктөлбөгөнү (жиптин астынкысын) «ургаачысы» деп коюлат. Килемде да аркак өткөзүүгө өрмөктөгүдөй «адыргы» колдонулуп, бирде өзүнө, бирде артка тартат. Мында «кылыч» ордуна он, он бештей арсагай тиштери кабалтең, «токмок» деген колдонулат. Токмоктун тиштери темирден же жыгачтан болушу мүмкүн. Анын бычактыкындай кармоого эптүү сабы болот. Токмок менен урганда түк жыш жана катуу кыналат.

Эриштин ар бир талынын аралыгы жүгөрүнүн даны баткандай болсун. Ошентип иштин баштоодо мында чыбык салынат. Өрмөктө бол-

Сүрөттө Лейлек килеми.



со чий колдонулуп жүрөт. Килемдин четине жипти чалып, токууну баштоодон мурда адегенде жээк, учуна түр колдонуу—килемчилик искусствосунда салт болуп калган. Мындан эки аркак өткөзүп, эки жолу байлайт. Бул «килемдин четинин башталыш жээги» деп аталат. Дагы эки курдай кызыл өң байланып, анан гүлүн (орнаментин) түшүрүү, күзүк илинген жипке (эркегине) жипти бир курдай илип бычак менен шарт кесүүнү «чантуу» дешет. Ал «чалып алуу», «толгоп алуу» деген түшүнүктү берет. Бул көчөткө түрдүү түстө түшүшү зарыл. Макмурат «ашкана көчөт» түшүрмөкчү. Сырдана көчөт килемдин негизги орнаменти делинет. Демек, бүткөн буюмдун көрүнүшү купулга толот. Анан оюмунун түшүшү үчүн тал жипти саноого да арзан болот. Килем оюмдарын (орнаменттерин) килемчиликте «көчөт» деп аташарын айтып жатабыз. Негизги колдонулуп жаткан көчөттөргө килемчилердин тили менен айтканда «бармак,» бармак башы,» же «бармак боочу», «кайкалак», «сыңар мүйүз,» «тайлак» (тайлак таманына окшошуп кеткен түр), «нанпар» (нан чеге турган үбөлүктүн изине окшош), «леген көчөт» (бул тажиктерден кирген) же «поднос көчөт» деп да аташат. Бул килем подностун бетиндей кооз көрүнөт.

Макмураттын ушул айткан килемине кой-эчкинин сексен килограммдай жүнү чыгымдалат. Килемде жүндүн арбыны сырткы түгүнө жумшалат. Буга элүү-алтымыш килограммдай кетет. Албетте, килемчилик иште челдөөсү, чыйратуусу чыңдоосу, тазалоосу, ийрүүсү жана түктү тегиздеп кыркканда бир топ эле жүн таштандыга чыгуусу мүмкүн...

Токулуучу килемдин боёгун таба билүү [illegible]атаал жумуш. Аны Макмурат өңдүү «мен чебермин» дегендердин негизги касиеттерине жатат. Уз көбүнчө килемге кызыл түз берүүнү [illegible]атка ылайыкташтырат. Анан көк, кара, кочкул кызыл боёктор[illegible]здүү деп эсептейт. Мындан сырткары жашыл, сары өңдүн ко[illegible] да мүмкүн.

Макмурат көбүнчө «жүл килем» дегенди т[illegible] макмал сыяктуу түгү бар. Анын узундугу бир сантиметр[illegible]акшы, чеберлерден төртөө бир айга жеткизбей аянттуу кил[illegible]ындай килемдер бышык келип, кылымды карытат. Лейл[illegible]раптагы чеберлер Араб килемдерин да арбын токуп жат[illegible] жүн абдан аз чыгымдалат. Таар сымал согулуп, аркак [illegible] Жиптен таштанды чыкпайт. Жумасына бир килемди токуу[illegible] Саламат Абдуллаева, Зинат Абдуразакова, Зейнеп Ашырова с[illegible] азыркы жаш килемчилер Макмураттын шакирттери болуп санал[illegible]

# САЙМАЧЫЛАР

Абысайнапты айыл адамдары саймачы катары жеринен таанышат. Анын бул шыгы кийинчерээк айрыкча көрүнгөн. Саймачы менен биринчи аңгемелешкен учур эске түшөт.

Мен кичинекей кезимде ырчылыкка ышкым аябай артылчу. Мектепте «ырчы кыз» аталдым. Анткеним менен саймачылыкты унутканым жок. Буга үй-бүлөнүн да таасири күчтүү тийди шекилдүү. Атам жарыктык саймачылардын сүрөтүн чийип бергичи эле. Атам менен туушкан эжебиз Ажар болсо оймочулукту кесип тутуучу. Апам Сайра болсо бир айыл элдин кийим-кечегин бычып, тигүүчү. Бирок ал киши сайма кармаган эмес. Кыз кезде бет аарчы сайып, тор түйүүчүбүз. Бара-бара андан татаалын кармап, «саймачы аталдык» деп айтканы али эсимде.

Мына, эми эже тиккен кементайды кармап да, кийип да көрдүк. Жибек жүндөн уютулган кементайдын кийизинде сүртүм кыл болобу! Ал анча жука эмес. Мунун кир көтөрүмдүү кездемеден ичи бар. Кара баркыт менен кыюулап туруп, келиштире шырып таштаптыр. Баарынан саймасын айтсаң, кементайдан көрпө ичиктей жака чыгып турат. Ошол жылт-жулт этип чагылышып турган баркутка сайманын мүйүз оюусун кашкайтып таштаптыр. Анан ак калпактын кара кыюусундагы окшош орнамент да бир бүтүмдү түзөт. Демек, малдын жүнү, ага түшүрүлгөн «мүйүз оюу» малчылыкты кесип кылган тоолуктардын турмушун символдоштурат. Жай кийиминин толук комплектисин бир колдон ойдогудай чыгарган эже бизге мындай жоопту айтты:

— Ара-чолодо уулум кие коёбу деген тилек да. Жайлоочулап ат менен бастырып чыкса, кыргыз баласы үчүн өзүнчө шаң эмеспи. Кементайга мындай сайманын түрүн берүү, эженин жекече изденүүсү [illegible] саналат.

Каны шартка байланыштуу үй ичин жаңыча көрктөндүрүүдө [illegible]тук орнамент түшүрүп, телевизор жапкыч саюуда Абысайнап эженин изденүүсү баамдалат. Мында полотнонун ортосунда В. И. Лениндин портрети, Ай-жылдыздарды аралагандай «спутник», «тынчтык көгүчкөндөрү» улуу генийдин фонунда берилип, байчечекей гүлдөрү менен улуттук орнаменттин бөтөнчө белгилери аркылуу композиция түзөт. Муну ал «басма сайма» аркылуу жүзөгө ашырат.

Саймачы алгачкы ирет элге туш кийиз аркылуу таанылат. Анын чыгаан туш кийизи 1952-жылы сайылат. Буга басма жана илме саймалар аралаш түшөт. Ортосуна СССРдин гербин коюп, анын айланасына өзүнүн «кыялы» берилип, жалпы алганда «Тынчтык үчүн» деген символду элестетет. Муну атайын үйгө тартуу үчүн бүтүрөт. Ал эми Улуу Октябрдын элүү жылдыгына арналып сайылган асыл буюмунда герб,

Атактуу саймачы
Алый Бекбоева.



Лениндин портретине шайкеш жер жемиш, гүл, пахта, кыргыз жергесинин кооздугу адамды өзүнө тартат. Саймачынын бир түш кийизи В. И. Лениндин туулган күнүнүн жүз жылдыгына карата Бүткүл союздук көчмө көргөзмөгө коюлат да, өз баасын алат. Ал дагы чок ортосуна Кыргыз ССРинин мамлекеттик гербин түшүргөн дагы бир түш кийиз сайыптыр. Албетте, бул басма саймада өзүнө таандык кыялык берет. Сайма жай иштелип, анткен менен кооз түшөт. Жалаң ийне менен кайып толтурулат. Саймачы эженин өзүнүн чыгармачылык күлүк кыялы көп ишке жөндөмдүү...

— Сиз чийип алып саясызбы, же чийбей эле дароо баштайсызбы?

— Мен адегенде сөзсүз чием. Чийип алсаң сайман түз түшөт. Башкаларга да чийип көрсөтөм. Учуктуу ийне, же илме шибеге кармагандын баары эле саймачы атала бербейт дейт атактуу чебер. «Ил-

Саймачы Баймоқолова Абысайнап жасаган кементай.



ме сайма» кыргыздын атактуу саймаларынан болуп саналат. Ага келептелген көөнөрбөс жибек жибин колдонот. Илгери жүн жибин ар түргө боёп да саюучу. Саймага бөртмө жоолуктун жибинен да жандыруучу экен. Азыркы уздар фабрикадан чыккан «мулина», «ирис» деген түрмөктүү жибек жиптерди кенен-кесир пайдаланышат.

Эженин чыгармачылыгынын башаты элдик болуп саналат. Ал кереге көз, ийрек, тумарча, жөргөмүш, омуртка, секиртме, ит куйрук, көөкөр, комуз тили, кочкор мүйүз, карга тырмак өңдүү сайманын көөнөрбөс орнаменттерин жаземдебей сая алат. Ал эми терс кайык, басма, көптүрмө, жөрмөмө, таңдай жана башка сайма искусствосунун белгилүү түрлөрүн, тажрыйбалуу саймачы жатка билет. Мунун ичинен илме сайма менен жүзөгө ашкан мыкты буюмдары анын үй ичине көрк берип, кооз көрсөтүп турат.

Эженин жашы азыркы күндө элүүдөн өтүп калыптыр. Ал саймачы гана эмес, оймочулук, өрмөкчүлүк, эшмечилик, түймөчүлүк, бычмачылык, тикмечилик өнөрдү да үйрөнгөн. Бирок, Абысайнап уздун жүзүн саймачылык өзгөчө ажарлантып турат.

Саймачы Алый Бекбоева атактуу чеберлерден болуп саналат. Ал азыр Сексен сегиз жашка чыкты. Секелек кезинен тартып, азыр да учуктуу ийне кармоодон түк тажабаган анын өрнөктүү өмүрү, элдик мурасты өркүндөтүп, элге тартуулоо менен ага жан киргизип, ийине келтире узданып, узун элдин учуна, кыска элдик кыйрына белгилүү болуп, өнөрү үчүн баркталды. СССР сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү болду. «Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген ишмери» деген ардактуу наам берилди. Төшүндө Эмгек Кызыл Туу ордени менен Лениндин юбилейлик медалы жаркырады.

Нечен курдай жергиликтүү советтерге депутаттыка шайланып, айтор, мындай урмат-сый эненин карт денесин нечен курдай балкытты көрүнөт.

Силер көрбөй калдыңар деди чебер бизге кайрылып—ата-эңер айтып жүргөндүр. Илгери жаш чакта конуштан-конуш көтөрүп, каркы-

Сүрөттө кыргыздын боз үйү.



# ЧЫРМАКЧЫЛАР

Чий затын түрлөнтүп, кооздоп кармоо, аны буюм катары турмуш тиричиликте кастарлап пайдалануу тоолук чеберлерге гана таандык.

Бытыкан чырмакчы Фрунзе шаарында жашап, борборубуздагы «Кыял» атындагы элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн бирикмесинде аткаруучу-чебер болуп иштейт. Чий чырмоо цехин уюштурууга активдүү катышып, чебер колдуу кыз-келиндерди айланасына тартып, ушул өнөргө машыктырат. Мурда айыл арасында боз үйгө гана таандык ашкана, канат чий, эшик чий, жана чыны кап өңдүү буюмдарды кармоо менен гана чектелсе, эми чий затынан улуттук буюмдардын түрлөрүн: Сувенир үчүн сумка, салфетка, телевизор жапкыч, сүрөт салгыч өңдүү буюмдарды чырмайт. Жаңы шартта үй ичин жасалгалай турган чийге, кооз мындай асыл буюмдар көп нускада чыгарылат.

Чырмакчы коомдук тапшырмаларды да аткарат. Улуу Лениндин кылымдык юбилейине карата, жолбашчынын портретин эскиз боюнча чийге бир нече жолу берүүгө катышты. Бул эмгек Эл чарбасынын жетишкендиктерин Бүткүл союздук көргөзмөсүнө, союздук жана чет өлкөлөрдүн музейлерине коюлду. Ал өз кесиби жөнүндө мына буларды айтып берди.

— Илгери, илгери деп баштайын, анда бардык эле боз үйлөрдүн чийи бирдей эмес эле. «Беш кол тең эмес» заманда ар адам алына чактап, боз үй тигүүчү. Жупуну тургандардын боз үйүнүн керегесине ак чий эле каланчу. Ак өргө көтөргөндөр болор эле. Алар кыз-келиндерди «ашарга» чакырышчу. «Ашар» дегени, айыл түп көтөрө келишип, боз үйдүн жумушуна жардамдашар эле. Мындай ашар көбүнчө чий чырмакта көп боло турган. Чий чырмак дегенде илгерки карыжашы дебей жапырт аракеттенчү. Анда уздан уз тандалчу...

— Жакында Ленинград шаарынан көрүнүктүү этнограф Лейкина Сарра Марковна деген келиптир. Анын келишине Бытыкан эженин чий бетине берилген «Төөчөн кыз» деген чыгармасы Бүткүл союздук көчмө көргөзмө аркылуу чет өлкөлөргө чейин көрсөтүлөт. Мунун эскизин элдик чеберден өсүп чыккан сүрөтчү, СССР Сүрөтчүлөр Союзунун мүчөсү, Борбордук көркөм эксперимент лабораториясынын башчысы Шакен Мамбетаипова жүзөгө ашырат. «Төөчөн кыз» ленинграддык баатыр шаардын элине аябай жагат. Көрүүчүлөрдүн ой-пикирин көрсөткөн альбомду барактап чыгуу менен көркөм совет кыргыздын тоолук турмушунун бир үзүм көрүнүшүн элестеткен «Төөчөн кызды» Ленинград шаарындагы СССР элдеринин этнографиясынын Мамлекеттик музейине түбөлүк коюуну чечет. «Көрө жүргөн көз, кармай жүргөн ушул кол» дегендей, эскиз аркылуу бир жерине доо кетирбей,

бул ишти Бытыкан эже кайрадан жүзөгө ашырмакчы. Мында ар бир тал чийдин эсеби так бар. Чырмалып жаткан ошол бир талдын аяк-башынын да чени бар. Эскизде көрсөтүлгөндөй чыгарманын өңү төрт түр менен берилүүгө тийиш эле. Төө жетелеген кыздын көрүнүшүн он эки сыйра кайталоо зарыл. Кыздын башын, же төөнүн мойнун көрсөтүүдө кайсы түстөгү жүн, канча тал жүн менен кошулат, кыз менен төөнүн ортосу кандай берилет? Төөнүн өркөчү менен төрт аягындагы аралык чий кантип өлчөнөт? Мында ит ээрчип алган, анын аралыгы кандай? Же узундугу эки метрге, туурасы бир жарым метрдей көлөмгө канча тал чий, канча килограмм жүн пайдаланылат?

Эже бул ишти баштаар алдында чийди ар кыл жүн менен орточо, көзгө илештирбей эпилдетип ороп, тигил жаткан чийдин катарына акырын коюп, кайра ак чийден экинчи талды алды. Мындагы чырмак башкараак көрүндү. Мунусун да тигинисинин катарына жылдырды. Ак чийлерге чырмалган жанатан берки өңдөр акырында кыз менен

Чырмакчы Бытыйкан Шабданова.



Чырмакчы Шакен Мамбетайыпова.



төөнүн түспөлүн бере баштады. Бул иш аракетти карап олтуруу адамды зериктирип ийчүдөй. Иштин кыймылы мага өтө эле жай сезилет. Бирок, асыл буюмдар ошондой зор машакаттарды талап кылат тура. Мындай түйшүк Бытыкан эже өңдүүнүн кол күчү, көз майынан бүтпөй туруп, чоң шаардын сынакей калкынын купулуна кантип жаксын.

— Канча күндө кармап бүтөсүз? — дедим мен эжеге кайрылып.

— Ашып кетсе жарым ай, эгер ара-чолодо үй оокатка буйдалып калбасам.

— Кезегинде чыгдан чырмадык — деди эже андан ары сөзүн улап, (айрым жерлерде аны ашкана дейт). Мында «чыгдан оозу», «чыгдан башы» деп өз-өзүнчө көркөмдөлчү. Колунда бар адамдар чыгданга кундуз басканын көрдүк. Куш канат, каркыра, туура мүйүз өн-

дүү түр түшүрүүлүчү. Ашканага жараша анын ала баканы да шөкөттөлчү эле. Адегенде мен эшик чий кармадым. Бул билгенге оңой, билбегенге баары кымбаттай сезилет. Эшик чийди көк менен согот. Себеби ачып-жабууда көп күч келет.

Бытыкан эже август айларында, чий бышкан маалда Көл кылаасына барат. Өтө бышып ката элек чийди түбү менен алып, чийди мээлүн жайга кургатат. Анан аны согор, же чырмаар алдында аарчыйт. Демек, чий көркөм кол өнөрчүлүккө керектүү болгондуктан, бул затты өстүрүүгө көңүл коюу зарыл.

Чийди токуу station өтө жөнөкөй болот. Эки тик жыгачка бир туура жыгач коюлган. Томпойдой таш, анан жоон чыйратылган шоона жип менен эле чий токула берет. Чий чырмакта учуктуу ийне пайдаланылат. Чырмакчы көптөгөн чий оюуларынын орнаменттерин жатка билет. Кийинки жылдарда атайын эскиздер боюнча чоң-чоң чыгармаларды бүтүрүүгө жетишүүдө.

— Чий оюуларынын кандай орнаменттерин билесиз? — дедим мен чеберге кайрылып.

— Айтса абдан көп, чийде деле негизинен кийиз оюуларынын түрлөрү сакталат. Бирок сындырылып түшүрүлөт. Менин колум итабар оюу-чийүүгө тийди. Көбү боз үйгө таандык орнаменттер болуп саналат. Алсак, кош мүйүз, кочкор мүйүз, туура мүйүз, сыңар мүйүз оюулар илгери көп колдонула турган. Куш канат, каркыра, карга тырмак, жагалмай деген канаттууларды элестеткен оюуларды да билем. Ит таман, ит куйрук, тогуз төбө, табак оюу, чөмүч баш, бадам дегендердин айрымдарын азыр да кармоодон тажабайм. Айткандай, чий чырмакта орнаменттер кереге көз, ала мойнок, комуз тили, килем көчөт, сайма көчөт... мындайлардын санын санап берсе ондон ашат.

Чырмакчы мындай өнөр кудуретинде жалгыз кол эмес. Анын неберелери: Жекен, Жибек, Дамира, Жыргал, жардамдашып, кенедейинен бул ишке маш болушкан. Ал мындан мурунку белгилүү даталарга өзүнүн чыгармачылык өнөрүн аркалап, үзбөй катышып келген. Ал күнөстүү Кыргызстандын жана анын Компартиясынын жарым кылымдык юбилейине карата республикабыздын мамлекеттик герби менен желегин, ошондой эле Орто-Азия республикаларынын гербин сүрөтчү Мамбетаипова Шакен түшүргөн. Эскизи менен чий затына көлөмдүү кылып түшүрүүнү чебер жүзөгө таасын ашырууда.

Дагы бир чырмакчы Абылгазиева Бурулдун кармаган буюмдары да башка чеберлерден айырмаланып турат. Ал азыркы күндө Тянь-Шань районунун Улахол кыштагында жашайт. Чебер боз үй көтөрүү үчүн кызуу узанууда. Дегинкиси боз үй тигишке кумарланган адамдар бул аймакта арбын экени сезилет. Бурул — ошолордун бири. Уздун мыктылыгы боз үйдүн себин кармоодон таанылат. Бурулду да «чырмакчы» дейбиз. Анын чиймелеринин имирчиктей турган өзгөчөлүктөрү бар. Бурул боз үйдүн канат чийин жасап жаткан экен. Мында жүндүн беш түрү: кызыл, көк, кара, сары жана ак түрдүн ылайык келүүчү ички катышын иликтеп, жалпы алганда жарашыктуу татымды тартуулай турган жагдайы көрүнөт. Ал жетимиш беш баш боз үй




Шакен Мамбетайыпова жасаган кыргыз ССРнын герби.

тикмек. Ошого жараша канаты керилет. Мындагы түрдүү жүн аркылуу түшкөн оюм-чийими «омуртканы» элестетет. Аны чебер чийге даана түшүргөн. Анан боз үйдө анын «куш канаты» түшүрүлгөн чыгданы каланып турат. Мунун аяк-башына кара сукно жана баркут кыюулаптыр. Албетте, чийди ушул ыкмаларга салып чырмоо сырттыктарга мүнөздүү экенин такай баамдайбыз. Ал өрмөк аттууну бүтүндөй ийине келтирет. Уз келин үчүн өрмөк жана чырмак эгиз сыяктуу сезилет.

Бурул чырмакчы да Бытыкан энедей чий чырмактын ондон ашуун орнаментин жүзөгө ашыра алат. Ал кармап жаткан буюмдарын чоң-кичине деп тандабайт. Анын үй ичин көрктөндүрө турган чырмактарын сүрөткө алдык·

Чий—бышык зат. Андан жасалган буюмдарды узакка урунууга болот. Ал зат кургаган сайын чыйралат. Илгери көчмөндүү турмушта чийдин ролу зор эле. Азыр да шыпыргы жасашат. Кийиз ийлегенге, тамак-аш койгонго чий зарыл болгон. Чийлер өзүнчө чырмак чий, ала чий, орогон чий болуп бөлүнөт. Чий жоон-ичкелигине карай колдонулат. Илгери чийди токууда жоон-ичкесин анча ылгоочу эмес. Бүгүн мамлекеттик маанилүү тапшырмаларды жүзөгө чебер ашырууда, чийдин сапаты эксперименттен өткөрүлүүдө. Көркөм кол өнөрчүлүктүн бул түрү чийден билинет. Чий чырмоо искусствосу Бытыкан эне менен Бурул өңдүү чеберлердин таалимдүү жолун улап, азыр айыл ичинде ойдогудай жанданып бара жатат.

## ӨРМӨЧҮЛӨР

Илгерки чакта мектепке баруу үч уктаса түштө жок. Кыз балдар эс тартканы жүк бурчунда отурчу. Ырысбүбү сегизден тогузга кадам шилтегенде эле энеси Уулбүбү эки жакка көп бастырбай, кызын жанына жакын алып, өзү кармап отурган ишине үйрөтө берет. Анда энесинин өнөрү Ат-Башынын төмөнкү куйганына белгилүү эле. «Уулбүбү оймочу», «Уулбүбү термечи», «Уулбүбү саймачы» дешип кадырлап, атайын ат токуп келишип, айылдан-айылга чакыра турган. Уулбубу эненин өнөр кудуретине жогору баа берген адамдар кармаган иши үчүн ага тайлак, төө жетелетчү экен. Атактуу уз Уулбүбүнүн чийме-оймолору элдик болгону менен өзүнүн «кыялын» жүзөгө ашырып келген.

Ырысбүбү 12 жашка чыгып-чыкпай кийиздеги, таардагы жана чийдеги чийим-оюмдарды дал өзүндөй иштөөгө машыгат. Кыз себин камдоого катышат. «Уулбүбүнүн кызы Ырысбүбү секелек кезинен тартып эле энеси сымал жез оймокчу чыкты»,— деген сөз айылга тарап кетет. Жаш кызга «жуучу» туш-туштан келе баштайт. Акыры кызды күйөөгө беришет. Барган жеринен «баланчанын келини аябай тың чыкты» деген сөз дагы тарайт. Ырысбүбүнүн иштүүлүгүнө ишенген кайын-журт жаңыдан кең канаттуу боз үй көтөрүүгө кам көрөт. Ошондо Ырысбүбү чий чырмооктун оюулары менен «терме таардын» түйшүгүнө баса отурат.

«Үзүк боо», уз муну согууда 41 тал жиптен өрмөк жип тегеретип, буга «чымын канат» деген таар буюмунун негизги түрүн түшүрөт. Мунун жазылыгы ошол кездеги өлчөм менен сөөмөйдөй болот... Терими бир топ татаал келет. Таардан ат жабуу, куржун, шалча, кап, төө чепкен согуп, өрмөкчүлүк искусствосу аркылуу белгилүү болгон өнөрпозго жолугууну көп эле самадык. Аны өрмөк үстүндө көрүүнү ниеттендик. Акыры максатыбыз үчүнчү барышыбызда ишке ашты.

Өрмөкчү өрмөк согуп отуруптур. Жетимиш жаштарды аркалаган кары экен. Кыргыз байбичелери чынында ушундай көөлгүй кийимкечелери аркылуу адамга жагымдуу элес тартуулайт эмеспи. Ошол көөлгүй тигилген кийимдин ичиндеги байбиче ар бир сөзүнө нуска кармап, макал-лакап кыстарып, уккулуктуу сүйлөйт экен. Анын сыйчыл, мындай санжыралуу сапаты адеп жүздөшкөндө эле дароо байкалды.

— Боз үйдүн керектүү буюмдарынын бирөө ушул «жабык баш боо», анын итабар жерин колдон чыгарып таштаптыр. Буга ак, көк, жашыл, кызыл, кара өң берилиптир. Эсептесем 27 тал жип кетет тура. Канча жип кетээри тигилүүчү үйдүн чоң-кичинесине жараша аныкталат. Төрт килограмм жип кетиптир. Илгери карылар килограмм

Өрмөкчү Калыйча Сыдыкова.



дегендин ордуна «түйдөк жип», «түрмөк жип» деп өлчөчү экен. Түрмөк ар кандай көлөмдө болот. Орточо түрмөктө төрт-беш ийик жип болот. Жипти жоон ийирсе ал шалча, кап, куржун өңдүү идиштер согулат. Ал эми төө чепкен, ат жабуунун жибин ийрүүдө кылдаттык керек. Өрмөк демекчи бул негизинен «терип согуу», «тербей согуу» деп экиге бөлүнөт. Тербей согулган таардын жөнөкөй түрүнө кап, кийимдин, баштыктын түрлөрү кирген. Кээде куржун менен шалча дагы эң жөнөкөй согулган. Муну ашып кетсе эки-үч жиптин жанаша, жарыша кеткен багытынан көрөбүз. Адатта ак, кара жип аркылуу эле согуу, албетте, өрмөкчү үчүн жеңил болуп саналат. Согуунун аркагы бирдей эле чыйратылган жип болот. Тытылган жүндүн үч-төрт түйдөгү бир ийик жип араң болот. Жип чыйратылып, чий менен челденип, анан илгичтүү түймөк кылып боз үйдүн кереге башына илип коюучу.

Ырысбүбү эже биздин кызыккан суроолорго жооп бериш үчүн өрмөгүн бир аз токтото туруп, өрмөктү куруунун эрежелери менен таанылтырып жатты. Өрмөктү мындай куруу керек. Муну эки эле киши куруп коёт. А дегенде төрт чарчы жерге төрт казык кагылат. Ал казыктар боюнча бир адам жипти илип, жүгүртүп өтүп турат. Өрмөкчү өзү бир жерде отуруп, ар бир жипти чаташтырбай күзүктөйт. Өрмөк жип эриш-аркак болуп экиге бөлүнөт. Эриш узуну, аркагы туура жүргүзгөн жиби. Өрмөктүн «адыргы» менен «кылычы» жыгачтан жасалат. Эже адыргы менен эришти өйдө көтөрдү. Жипти өңү менен терип туруп аркакты туура жүргүзүп, кылычы менен «күрс», «күрс» согуп көрсөттү. «Үч марасы» (үч буттуу жыгачы) өрмөктү өйдө көтөрүп турат. Өрмөктүн «күзүгү» болот. Анын бирөө өйдө чыгып, бирөө ылдый түшүп турат. Бул экөөнү айрып турган, чыйратуусу келишкен «тизгин» деген жиби бар. Анын аркасында согуп жаткан жакты жазы, ичке кылбай бир калыпта алып турат. «Кыял», «мүйүз», «чагырмак», «тумарча» «сыңар мүйүз», «чычкан изи» боюнча узданып келдим деди эже түшүндүрүп.

— Өрмөктүн эң татаалы кайсы?

— Менимче тегрич. Бул жазы келет. Көздүн курчун алат. Көз

Сүрөттө кыргыздын терме таары.



курчу кеткенсип, баштагыдай терип согуум кала турган болду. Өрмөктүн эң ичкеси «тизгин» деп аталат. Мунусуна эки жүздүү терме келтирилип, жети эле тал жип менен согуп, эки ийиктен ашык жип зарпталат. Анан «чагармак» менен «таздар боого», «кереге баш чалгычка», «тоок көз» деген түрдү жүргүзүп соксо, ар бирине 13 талдан жип кетет. Буларга жалпысынан төрттөн сегиз ийик жип кетет экен.

Ырысбүбү Молдокабылова кезегинде Ат-Башы районундагы «Кызыл Туу» айыл чарба артелинде өнөктүктө такай иштеген. Эми пенсияда болгондуктан ал кол өнөрчүлүгүн кайрадан жандандырууда. Ат-Башыда Кара-Булуң айлындагы Абдыкеримова Аныйпа, «Пограничник» колхозунда жашоочу Калбаева Марыя, Бейшенбаева Мөөркан өңдүүлөр уздун таалимин алышкан. Өзүнүн Уулкан, Тынымкан деген кыздарынын кол өнөрчүлүгү да мыкты. Кызыл-Туу кыштагында туруучу Какиналиева Бүбүрайым жана Аалиева Райка уздун үйрөтүүсү боюнча бүгүн чий чырмашат.

Албетте, өрмөкчүлүк байыртан берки көркөм кол өнөрчүлүктүн катарына кирет. Таар согуу өнөрүндө да жер-жерлерде айырмачылыктар билинген. Мында «терме таар», «беш кеште» жана «кажаты таар» деген ыкмалар бүтүндөй кыргыз жергесине белгилүү.

# ТҮЙМӨЧҮЛҮК

Түймөчүлүк — көркөм кол өнөрчүлүк искусствосунун өзүнчө түрү. Эгерде ойдогудай бир боз үй жасап тигүүгө тийиш болсо, анда түймөсүз анын бир татым тузу кемигенсип турары бышык. Демек, түймөчүлүк оболу жабык баштын этегине, анан үзүктүн тышкы жээгине, эшиктин үстүнө, аяк кап, күзгү кап жана текичек өңдүү буюмдарга колдонулат.

Жийдекан эже жалаң өзүнүн кол күчүн аркалап көтөргөн боз үйү менен ошол кең аймакка таанымал болуптур. Ал Жети-Өгүз районунун «Коммунизм» колхозунда жашайт. Ал да башка чеберлер сыяктуу өнөрдүн жеке бир түрүн кармабай, көп өнөрдү өздөштүрүүгө умтулат. Натыйжада көпчүлүгү оймочу, саймачы, бычмачы, тикмечи, өрмөкчү өңдүү өнөрчүлүктү билерин баяндашат. Ал эми эркектер болсо, ат жабдыктарын жасоодо жыгаччылык, өрмөкчүлүк, зергерчилик темирчилик өнөрүн үйрөнүшөт. Кол өнөрчүлүк илгери укумдан-тукумга уланып келгенин даана баамдайбыз. Атанык уулга, эненики кызга эстафета катары азыр да улантылууда. Жийдекан эже ошондой уздардын бири. Ал энеси Токтокандан үйрөнгөн экен. Ал өз энесин мындайча эскерет: «Апам жарыктык чоң суунун термечиси эле, эртеден кечке эле кажынып өрмөк менен алек. Ат жабуу, куржун, пиязы чепкен согуудан түк тажачу эмес»...

Эже боз үйдүн жабык башын кооздоого айрыкча чебердигин билгизиптир. «Мүйүз оюусун» жашыл, кызыл өң аркылуу берген бул буюмдун жээгиндеги түймө «кылыч байлоо» деп аталат. Бул түймөнүн ар биринде алты талдан жип, үчтөн кайчылашып байланат. Муну энеси учурунда көп кармаптыр. «Кылыч байлоо» чачысы негизги Ат-Башы нарындыктарга мүнөздүү түр болуп келген. Уз жаңыдан көтөргөн ушул боз үйүнө өрмө чачыны да пайдаланат. Мында алты тал жип экиден үч сыйра өрүлөт да, андан көзчө, же торчо чыгарылат. Мунун аягына топ чачысы түйүлүп, болжолдоп алганда жүз, жүз элүүгө чейинки тал жип зарыпталат. Муну илгери бир эсептен «чок» деп аташкан. Эркектердин тебетейинин, калпагынын төбөсүнө тагышкан. Азыр Фрунзе шаарында «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмеси чыгарып жаткан кыргыздын ак калпагында, бул жөрөлгө толук сакталган. Мунун башка да бир түрү бар. Өрмөчүлүктө каз таңдай, жылаан боор өңдөнүп, алда сегизден он төрт тал менен өрүлө турган. Муну боз үйдүн ички жасалгасына тартышканын Жийдекан эже бизге баяндады. Ал шартка байланыштуу бул боз үй үчүн кармабаптыр... Бир кезде ал суу жоолук үчүн чачы түйгөнүн көрсөттү. Жогоруда биз белгилеген өрмө, кылыч байлоо сыяктуу чачыларынан тумарча түйүп, гүл чыгарып өргөндөр да эл арасынан чыккан. «Иймек

чачысы» болсо Жийдекан эженин кол учунан эле жаралып келгенин көрдүк.

— Бул чачыңызды эмне деп коёт? — дедим эжеге кайрылып. Өзүн жөнөкөй сезип, токтоо көрүнгөн эже жымыя түштү да, алиги түймөктү кармалап туруп жооп кайтарды: «Мында илгерки кийим жапкыч менен керебет тарткычтын үлгүсү бар. Айтса-айтпаса төгүнбү, ак чарык жиптен ушундай түрлөр түйүлчү эмес беле. Эми эстесем мындай өнөргө согуштан мурун жана кийин кыз-келиндер жапырт аттанышкан болчу».

Жийдекан эже жүндү бирдей ичке ийирип, мыкты чыйратып челдеген. Үстүртөн караганда гана ошондой көрүнгөнү болбосо, мында деле илме шибеге менен өзүнүн «жекече кыялын» жүзөгө ашырганы баамдалат. Кызыл, жашыл түскө боёлгон бул түймөнү үзүктүн этегине тегерете тартса, боз үйгө ого бетер жарашык берет.

Түймөчүлүк да шартка байланыштуу өзгөрүп турат. Кол кап, байпак түйүү мурун эле болгон, кийинчерээк көйнөктү түрлөнтүү, аялдар үчүн жемпир жана топу өңдүү кийимдерди токуу аракети азыр айыл ичинде аябай жандануудa...

Түймөчү Ж. Намазалиева өз өмүрүндө мугалимдик жана бухгалтериялык кызматтарда көп жыл эмгектенген. Азыр ал үй кызматында

Түймөчү Намазалиева Жийдекан.



болуп, кол өнөрчүлүктү кадырлайт. Элдик өнөрдүн бул түрүндө «түйүү», «тордоо» жана «чалуу» деген сөздөр алмак-салмак айтылат. Муну негизинен түймөчүлүк деп түшүнөбүз. Түймөчүлүктүн жүзөгө ашкан түрүн элибизде «чачык» деп аташат. Түймө чачысын болсо аты айтып тургандай керип алып, бир баштан түйүүнү бир эле жүзөгө ашырат. Төкмө чачыга болсо эки кишинин колу тиет. Бирөө чачыктын эришин эпилдетип өткөзүп туруусу тийиш, беркиси катуу чыйратылган жипти калыбынан жандырып өткөрүп туруусу керек. Дегинкиси жиптин ийи чыйратуудан көрүнөт эмеспи. Ошентип, чыйратуусу келишкен жип тегиз селкилдеп, төкмө чачысы жагымдуу элести тартуулайт. Төкмө чачыда «чок» болушу нарк.

Түймө чачыны чеберлер түрлөнтүп ийишет. Муну жасоодо түймөчүлөрдүн ыкмалары бири-биринен айырмаланат. Жийдекан эженин түймөсүнөн Бытыкан эненин өзүнчөлүгү — ал түймө чачыга шуру өткөрүүчү экен. Ал буюмдарынын айрымдары үй эмерегинде азыр да сакталууда. Бытыкан байбиченин түймө чачысында ар бири үчтөн тал жипти он төрт жолу чалып, кырк эки талды жаңылбай түйүп, анын торчосуна сегиз тал жипти колдонушу уздун кылдаттыгын аныктайт.

Түймөчүлүктө кой-эчкинин жүнү негизги материал болуп эсептелет. Ийрилген жип кайра чыйратылат. Бул түрдүү түскө боёлот. Элдик чеберлер жөнөкөй, кол ийикти колдонуп келүүдө. Ал эми ийиктин сабы талдан, башы таштан же коргошундан жасалат. Ийиктин көзүнүн буйласына теменедей ичке талды саят. Түймөчүнүн чеберчилиги көбүн эсе жүндү мыктылап ийрип, чыйратып, челдеп анан чебердеп түйүшүнө байланыштуу.

## БЫЧМАЧЫ

Батый эженин өмүр бою сыймыктанар иши бар. Ал атактуу пионер Кычан Жакыповдун башындагы ак калпакты тиккен. Бул узду иликтеп жүрүп, кийинчерээк жүздөштүк. Батый эже Кант районундагы «Алга» айыл чарба артелинде жашап, кийин пенсияга чыккан экен. Чарбанын ар кандай кайнаган өнөктүгүнө такай катышып, кезегинде ударник колхозчулардын катарында болгондугун бирге иштегендер баяндайт. Уз менен алгачкы аңгемемди мен Кычан Жакыповдон баштадым.

Эже мага карап, сөзүн мындайча улады: «Кычандын өзгөчө тестиер кезиндеги жүрүм-туруму азыр да көз алдымда ошол бойдон калыптыр. Менин бир тууган иним Бектур экөө жашташ эле. Ал инибиз азыр Фрунзе шаарында турат. Экөө бөлүнбөй эгиз козудай ээрчишип жүрүшчү. Бир күнү Кычан биздикине, бир күнү Бектур алардын үйүнө конуп, аябай куунак жүрүшөр эле. Кычан келгенде Бектур иним берерге тамагын таба албай калуучу. Кычан да ошентсе керек. Иниме колумдан эмне келсе бүт аткарып, кийсин, көңүлү өзсүн дечүмүн. Жети кыз баланын ортосундагы Бектурду жетөөбүз тең бирдей эркелетчүбүз. Анын жандай досу Кычан да бизге жакын сезилчү. Ал тапта ак калпакты арбын быча турганмын. Ак шым, ак көйнөктү жарашыктуу тиккенденби, өзгөчө балдар мага үйүр эле. Күндөрдүн биринде иним мектебинен келер замат мага мындай деди: «Эжеке, Кычанга да калпак жасап бересизби? Экөөбүздүн киймибиз окшош болсун...»

— Макул, Кычан досуңду ээрчитип кел, абалы башынын өлчөмүн алып, анан дароо бычып, тигип берейин,— дедим. Иним сүйүнүп кетти. Дем алыш күнүнүн биринде Кычан биздин үйгө келди. Жүзү жайдары, адаттагыдай жаркылдап, ачык үнү менен келип учурашты. Мен да жетине албай эркелеттим. Жүктүн үстүнө койгон калпакты колго алдым. Ооба, ошондо Кычанга Бектурдун үлгүсү менен тиккен ак калпакты кийгизе койдум. Ал балалык мүнөзү менен жадырап, жайнай түштү. Учурунда Кычандыкындай калпакка Чүй өрөөнүндөгүлөр көбүрөөк кардар түшүп, менин тынчымды алыша турган. Ак калпактын алды шар тилик келип, этек кыюусу жана милтеси кара кездемеден тигилгенин унутпайм...

Батый байбиче өз өмүрүндө калпактын үч түрү боюнча оңду-солду узданды. Тегереги туюк, төбөсү бөрктүү келген, оймо-чийме колдонулбаган калпактын бир түрү бар. Мында арткысы көтөрүңкү алдыңкы кыюусу ылдыйраак көрүнөт. Таластыктар ушундай калпакты көп кийип келгени байкалат. Ошондой эле уз өзүнө таандык дагы бир калпактын формасын көп кармайт. Мында төбөсү тоголок келип, жаан

Куракчы жана бычмачы Арпачиева Сакиш.



токтобойт. Бул калпакты уз кыюулабай, тегереги ак жибек жип менен чыраштайт да, кийиз ичтелбейт. Эгер кийизи начар, жука көрүнсө, кол машина менен шырыйт. Калпак өспүрүм жашындагыларга жарашык берип турат.

Тоолуктардын бул кийими ак кийизден жасалып, арсак-арсак тоолорду символдоштурган сыяктуу сезилет. Калпактын кыюусу, милтеси жана чачысы болот. Калпактын кыюусу (жээги) ар кандай элдик орнаменттер менен кештелениши мүмкүн. Мурунку убакта кийиз ичтелүүчү эмес. Илгерки кишилер ошол себептен калпактын алдына топу кийүүчү.

Калпакты жасоо алдында оболу ага кийиз болуучу жүндү кылдап алат. Чийге уютулган жүндү баскандан кийин кайра кургатып туруп үбөлүктөйт. Эженин аңгемесинен улам мындай суроо менен кайрылдым:

— «Бордоо» дегенди кандай түшүнөбүз?

— Кийизди чийлеп болгондон кийин майда борду улам сөөп, улам басып, эпилдетип үбөлүктөп турам. Көп токмоктолгон сайын катуулайт. Анан кургагандан кийин аппак кийиз болот.

Идректүү кыз жашынан эле бычмачы, тикмечиликке көңүл коёт. Өзгөчө анын бычмачылыгы айкын сезилет. Аялдар жасатчу буюмун көтөрө келип, кичинекей Батыйга бычтырып, тиктире турган.

Энеси Айша кызынын иштүү болушу үчүн жашынан талапты катуу коё турган.— Апам Кожокелди айлында болгон он, жыйырмадай кыздын баарын кырка отургузуп алып, учук саптатып, мугалимдердей текши кыдырып көрүп, жакшы сая албагандарын такып турар эле — дейт кызы Батый. «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт» дегендей, кыздын чоркок болушу эне-атаны өтө уятка калтырчу.

Илгерки бычмачылар азыркыдай үлгүнү колдонуучу эмес. Оюу, бычуу, чийүүдө кагаз үлгүлөрүн колдонуу кийинчерээк чыкты. Айталык, чепкен, кемсел, бешмант же ичикти бычып, тигүү үчүн адамдын боюн, ийнин, колун карап туруп, кере карыштап, анан сөөмдөп, нукумдап өлчөмүн алуучу. Батый эже да үлгү кармаган жок. Мен тоолуктардын сырт кийимин, ичикти бычуу, тигүү жөнүндө кеңири түшүнүк алууга куштарландым. Анда Батый эже:

— «Ичик жасагандын ичи ооруйт» — деген сөздү айтты.

— Эмне үчүн?,— дедим.

Сүрөттө кыргыздын ак калпагы.



— Сырт кийимдердин ичинен ичиктикин бычып-тигүүсү өтө татаал келет. Ичиктин тышына тегерете кыюу кетет. Бул текши кыйылбаса, этек-жеңи качып, бирдей көрүнбөй, кийгенде куучуюп калат. Ал тегерек кыюулар терини жаап турушу керек.

Бычмачынын иштүүлүгү да, башка чыгаан уздардай өнөр даражасынын көп кырдуулугу аркылуу аныкталат. Анын шырдак оюмунда «бадал», «гүл», «кочкор мүйүз» өңдүү оюулардын мүнөздүү белгилери аралашкан өзүнүн жекече «кыялы» эң сонун коогдукта жана чеберчиликте бүткөрүлөт. Уулу Эмилге арнап 1948-жылы «бычак учу» оюумуна алты ачык өң кийирип, учтуу жыгач менен талдап соккон ак жабуусунун боёгу али бажырайып, көз тайгылат.

Жалаң малды арка туткан кыргыз элинин турмуш-тиричилигинде бычуу көбүнчө кийизде, териде жана таарда колдонулуп келгени талашсыз. Анан кийинчерээк кездемеге өтөт. Азыр бычмачы, тикмечи деген өнөрү кездемечиликке таандыктай сезилет. Илгери териден сабаа, көнөк, көөкөр, көнөчөк, чыны кап сыяктуу идиштер менен катар тон, шым, малакай, көрпө тебетей, тумак жана башкалар атайын үлгү колдонуп, же ансыз эле бычылып тигилген. Ал эми ат жабдыктарына узанууда да чен-өлчөмү болгон. Ошондой эле үзүк, туурдук, түндүк, эшик жабуулардан башка да, кементайды, калпакты, аяк капты, күзгү капты жана куржун, баштык, каптан башка да чепкен, кемсел, бешмант, шым... айтор, кийим-кечектердин бардык түрү чебер колдуу бычмачыларга таандык.

## МАЗМУНУ


Кол өнөрчүлүк тууралу сөз . . . . . . . . . . . 3
Зергерлер . . . . . . . . . . . . . . . . 5
Ат жабдыктарынын чеберлери . . . . . . . . . 20
Тери жана мүйүз буюмдарынын чеберлери . . . . . . 30
Жыгач усталар . . . . . . . . . . . . . . 34
Таш чеккичтер . . . . . . . . . . . . . . 41
Оймочулар . . . . . . . . . . . . . . . 50
Килемчилер . . . . . . . . . . . . . . . 50
Саймачылар . . . . . . . . . . . . . . . 55
Чырмакчылар . . . . . . . . . . . . . . 61
Өрмөкчүлөр . . . . . . . . . . . . . . . 67
Түймөчүлөр . . . . . . . . . . . . . . . 71
Бычмачы . . . . . . . . . . . . . . . . 74

*А. Акматалиев*

**КИРГИЗСКИЕ УМЕЛЬЦЫ**

*(на киргизском языке)*

Редактор *М. Арстанбеков*
Худ редактор *И. Ф. Бульба*
Техн. редактор Ж. Сооракулова
Корректор *Н. Борбутаева*

Терүүгө 25/II 1975 ж. берилди. Басууга 28/X-1975 ж. кол коюлду.
Д—00348 Мелованная, 120 гр. форматы $70\times90^1/_{16}$, 5 физ.
басма табак, 5,85 шарттуу басма табак, 4,3 учеттук табак.
Тиражы 3000. Заказ. № 1085. Баасы 73 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулевская, 102,
Киргизполиграфкомбинат им. 50-летия Киргизской ССР
Госкомиздата Киргизской ССР.
**«Кыргызстан» басмасы**
**Фрунзе 1975**